**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**М.М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ОШСКИЙ ТЕХНОЛОГИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ М.М. АДЫШЕВА**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC**
**OSH TECHNOLOGICAL UNIVERSITY NAMED AFTER M.M ADYSHEV**

723503, Ош ш., Н. Исанов көчөсү, 81.
Тел.: (03222) 4-38-83.
Факс: (03222) 4-33-97.
E-mail: oshtu.adyshev@mail.ru
http: //oshtu.kg
ИСН 02305199610027

81 Isanov st. Osh, 723503, Kyrgyz Republic
Тел.: (03222) 4-38-83.
Факс: (03222) 4-33-97.
E-mail: oshtu.adyshev@mail.ru
http: //oshtu.kg
TIN 02305199610027

723503, г.Ош, ул.Н.Исанова,81
Тел.: (03222) 4-38-83.
Факс: (03222) 4-33-97.
E-mail: oshtu.adyshev@mail.ru
http: //oshtu.kg
ИНН 02305199610027

__________-ж. №_________

# ГУМАНИТАРДЫК – ТЕХНОЛОГИЯЛЫК КОЛЛЕДЖ ГУМАНИТАРДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА IT ТЕХНОЛОГИЯЛАР БӨЛҮМҮ

## IT ТЕХНОЛОГИЯЛАР ПРЕДМЕТИК-ЦИКЛДИК БИРИКМЕСИ

**"Сапаттуу билим"уюмдарынын жана программаларынын өзүн-өзү баалоонун натыйжалары боюнча агенттикте аккредитациялоо үчүн аккредитациялоо боюнча**

# ОТЧЕТУ

**220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча)**

**Өзүн-өзү баалоо боюнча отчету ОшТУнун окумуштуулар кеңешинин отурумдарында каралып, жактырылды протокол №1. 23.09.2024-ж.**

**Отчет берилген күн 25.09.2024 г.**

**Ош-2024**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ГУМАНИТАРДЫК ТЕХНОЛОГИЯЛЫК КОЛЛЕДЖИ**
**ГУМАНИТАРДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА IT ТЕХНОЛОГИЯЛАР БӨЛҮМҮ**

**IT ТЕХНОЛОГИЯЛАР ПРЕДМЕТИК-ЦИКЛДИК БИРИКМЕСИ**

"Бекитилди"
ОшТУнун ректору,
к.т.н., профессор
Турсунбаев Ж.Ж.
_______________
"___"______2024г.

ОшТУнун
МСнин чечими
№ 1. 23.09.2024г.

**220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИиУ) (тармактар боюнча) адистигинин**

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛООСУНУН ЖЫЙЫНТЫГЫ БОЮНЧА ОТЧЕТУ

**Директор ГТК, ф-м.и. к., доцент** **Саадалов Т.Ы.**

**Ош-2024**

# Мазмуну

1. Мазмуну
2. Киришүү
3. Өзүн-өзү баалоо боюнча жумушчу комиссиянын курамы
4. Кыскартуулардын тизмеси
5. Профайл (титульный лист)
6. Окуу жай тууралуу маалымат
7. Окуу программасы тууралуу маалымат
8. Тыянактар
9. Тиркемелер
   1. Стандарт - Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү
   2. Стандарт - Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу
   3. Стандарт - Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо
   4. Стандарт - Педагогикалык жана окуу – көмөкчү персонал
   5. Стандарт - Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары
   6. Стандарт - Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү

## КИРИШҮҮ

Академик М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети Мамлекетибиздин Түштүк регионундагы техникалык, технологиялык, экономикалык, инженердик жана информациялык багыттагы жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларындагы билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүдөгү квалификациялуу адистерди даярдоодогу жогорку окуу жайлардын бири болуп эсептелет.

**ОшТУнун почталык дареги, телефон, факс, e-mail, веб-сайт:**
**Юридикалык дареги:** 714000 Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Н. Исанов көчөсү 81.
**Телефон:** (+996 3222) 4 3883
**Факс:** (03222) 4-33-97,
**E-mail:** oshtu.adyshev@mail.ru
**веб-сайт:** https://oshtu.kg

Гуманитардык технологиялык колледж ОшТУнун структуралык бөлүмүнүн бир тутуму болуп эсептелинип, орто кесиптик билим берүү программалары боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн адистерди даярдап чыгарат.

**ГТКнын почталык дареги, телефон, факс, e-mail, веб-сайт:**
**Юридикалык дареги:** 714000 Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Н. Исанов көчөсү 35 Б
**Телефон:** (03222) 4-25-96
**Факс:** (03222) 4-33-97
**E-mail:** oshtu.adyshev@mail.ru
**веб-сайт:** https://oshtu.kg

ОшТУ өзүнүн жогорку жана орто кесиптик билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин “Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө” Күбөлүгүнүн (каттоо номери 73045-3310-М-е) негизинде, ОшТУнун Уставынын жана башка нормативдик-укуктук актылардын негизинде иш жүргүзөт.

*Тиркеме 1. “Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө” КҮБӨЛҮКтүн көчүрмөсү*

*Тиркеме 2. ОшТУнун уставынын көчүрмөсү.*

**Статусу**: Мамлекеттик жогорку окуу жайы.

**Түзүүчү**: Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (КРнын Билим, илим жана маданият министрлигинин 1996-жылдын 12-апрелиндеги № 99/1 буйругу).

Ош технологиялык университетинин Уставы Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлигинде 2018-жылдын 18-июнунда №778/1-буйругу менен катталган.

*Тиркеме 3. Буйруктун көчүрмөсү*

### Университеттин ректор, проректорлордун жана структуралык бөлүмдөрдүн башчылары тууралуу маалымат

| Ф.А.А. | Ээлеген кызматы | Телефон №, e-mail |
|---|---|---|
| Турсунбаев Жанболот Жанышович | ОшТУнун ректору т.и.к., доцент | |
| Акматалиев Асанбек Тургунбаевич | Сырткы байланыштар жана өнүгүү боюнча проректор ф.и.д. | +996 550 451059 e-mail: akmataliev.asanbek@mail.ru |

| | | |
|---|---|---|
| Болушев Эрнис Маматалиевич | ОПУжББСД директору, | +(996) 772 24 32 12<br>e-mail: ernest75@mail.ru |
| Алиева Алтынай Камаловна | Кадрлар бөлүмүнүн башчысы | 0555 556 071 |
| Нарматов Сапарбек Жалалович | Административдик чарба бөлүмүнүн башчысы | 0555 095 566 |
| Саадалов Толонбай | ГТКнын директору | 0773 410 225<br>saadtol_68@mail.ru |
| Азимова Алимакан Алибаевна | Аккредитациялоо жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы | 0778233132<br>Alima_kg75@mail.ru |

*Тиркеме 4. Өзүн-өзү баалоо боюнча жумушчу комиссиянын курамынын буйругунун көчүрмөсү.*

Бүгүнкү күндө орто кесиптик билим берүү программалары боюнча технологиялык колледжде билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө уруксат алган (лицензия) жана аккредитациядан өткөн төмөнкүдөй адистиктер бар:

| № | Шифр | Адистиктин аталышы | Окуунун формасы |
|---|---|---|---|
| 1 | 040101 | Социалдык иш | Күндүзгү, сырттан |
| 2 | 050501 | Кесиптик окутуу (тармак боюнча) | Күндүзгү |
| 3 | 080106 | Каржы (тармактар боюнча) | Күндүзгү, сырттан |
| 4 | 270301 | Архитектура | Күндүзгү |
| 5 | 080110 | Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча) | Күндүзгү, сырттан |
| 6 | 080501 | Менеджмент (тармактар боюнча) | Күндүзгү, сырттан |
| 7 | 080601 | Статистика | Күндүзгү, сырттан |
| 8 | 110302 | Айыл чарбасын электрификациялоо жана автоматизациялоо | Күндүзгү, сырттан |
| 9 | 140208 | Электр өткөргүчтөрүн монтаждоо жана эксплуатациялоо | Күндүзгү, |
| 10 | 130403 | Ачык тоо-кен иштери | Күндүзгү, сырттан |
| 11 | 140206 | Электрдик станциялар, тармактар жана системалар | Күндүзгү, сырттан |
| 12 | 140212 | Электр менен жабдуу (тармактар боюнча) | Күндүзгү, сырттан |
| 13 | 190604 | Автомобил унааларын техникалык тейлөө жана ондоо | Күндүзгү, сырттан |
| 14 | 190701 | Унаада ташууларды уюштуруу жана башкаруу (унаа түрү боюнча аба унаасынан башкасы) | Күндүзгү, сырттан |
| 15 | 210406 | Байланыш тармактары жана коммутация системалары | Күндүзгү, сырттан |
| 16 | 220206 | Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (тармактар боюнча) | Күндүзгү, сырттан |
| 17 | 230108 | Компьютердик системалар жана комплекстер (тармактар боюнча) | Күндүзгү |
| 18 | 230109 | Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо | Күндүзгү, сырттан |
| 19 | 230701 | Колдонмо информатика (тармактар боюнча) | Күндүзгү, сырттан |
| 20 | 240404 | Нефтини жана газды кайра иштетүү | Күндүзгү, сырттан |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 21 | 260903 | Тигилүүчү буюмдардын технологиясы, моделдештирүү жана конструкциялоо. | Күндүзгү, сырттан |
| 22 | 070602 | Дизайн(тармактар боюнча) | Күндүзгү |
| 23 | 270103 | Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо | Күндүзгү, сырттан |
| 24 | 270206 | Автомобил жолдорун жана аэродромдорду куруу жана эксплуатациялоо | Күндүзгү, сырттан |
| 25 | 270208 | Инженердик курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо | Күндүзгү, сырттан |
| 26 | 280105 | Өзгөчө кырдаалда коргонуу | Күндүзгү, сырттан |
| 27 | 110305 | Айыл чарба азыктарын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн технологиясы | Күндүзгү |
| 28 | 190503 | Унаанын электр жабдыктарынын эксплуатациясы жана автоматикасы | Күндүзгү |

*Тиркеме 5. Лицензия,сертификаттын көчүрмөлөрү*

Гуманитардык технологиялык колледж акыркы окуу жылдары көптөгөн сыйлыктарга ээ болгон. Аларга:

- 2017-жылы "Ош шаарынын аймагын көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана санитардык тазалоо боюнча 2017-жылы өткөрүлгөн жазгы үч айлыкта активдүү катышкандыгы үчүн "Ыраазычылык баракча" менен сыйланган;
- Ош шаарынын аймагын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу максатында өткөрүлгөн "Гүлдөгөн шаар-2015" сынагына катышкандыгы үчүн Ош шаарынын мэриясы тарабынан "Диплом" менен сыйланган ж.б.

*Тиркеме 7. "Ыраазычылык баракчасынын жана дипломдун көчүрмөлөрү.*

Гуманитардык технологиялык колледжде бүгүнкү күндө орто кесиптик билим берүү программалары боюнча жалпысынан 3985 студент окуп, билим алышат. Алардын ичинен, 2636 студент күндүзгү окуу бөлүмдө окушса, 1349 студент сырттан окуу бөлүмүндө окушат.

Бүгүнкү күндө аккредитацияланып жаткан 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигинде окуган студенттердин саны төмөнкүдөй:

| Адистиктин аталышы | Күндүзгү окуу бөлүмү | | | | Сырттан окуу бөлүмү | | | | Бар-дыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 курс | 2-курс | 3-курс | жалпы | 1-курс | 2-курс | 3-курс | жалпы | |
| 220206 МИЧАСжБ (тармактар боюнча) | 54 | 51 | 20 | 125 | 20 | 49 | 45 | 114 | 239 |

Аккредитацияланып жатканы адистиктин окуу планы КРнын ББжИМнин бекитилген мамлекеттик стандартынын негизинде түзүлгөн. Адистиктин окуу планынын Информатика, программалоо жана байланыш кафедрасынын башчысы тарабынан 2023-жылы түзүлүп, ГТКнын жана ОшТУнун УКде каралып, окуу иштери боюнча проректору бекиткен.

*Тиркеме 9. 220206 МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигинин окуу планынын көчүрмөсү*

**Университеттин кыскача тарыхы**

Кыргыз ССРинин жогорку жана атайын орто окуу жайларынын министринин буйругу менен 1963-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун Оштогу кечки жалпы техникалык факультети ачылган.

- 1988-жылы Оштогу кечки жалпы техникалык факультет ФПИнин кечки факультети болуп аталган.
- 1990-жылы ФПИнин Оштогу филиалы болуп кайрадан түзүлгөн.
- 1990-жылдын декабрь айында Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен Оштогу филиал өз алдынча жогорку окуу жай - Ош технологиялык колледж болуп түзүлгөн.
- 1996-жылы 24-февралда Кыргыз Республикасынын № 21 жарлыгы менен Оштогу технологиялык колледж кайрадан Ош технологиялык университети болуп түзүлгөн.

**ГТКнын кыскача тарыхы**

ОшТУнун гуманитардык технологиялык колледжи 2004-жылдын февраль айында ОшТУнун окумуштуулар кеңешинин чечими жана ректордун 2004-жылдын 22-апрелиндеги №09-04/140 буйругунун негизинде жогорку билим берүү базасынын астында орто кесиптик техникалык жана технологиялык багыттардагы адистиктер боюнча адистерди даярдоо үчүн ачылып, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын, ОшТУнун Уставынын жана гуманитардык технологиялык колледждин жобосунун негизинде окутуу программасын ишке ашырат.

*Тиркее 11. Гуманитардык технологиялык колледждин ачуу тууралуу буйруктун көчүрмөсү*.

**Өзүн-өзү баалоо боюнча жумушчу комиссиянын курамы**

Турсунбаев Ж.Ж. - ОшТУнун ректору т.и.к., доцент ЖК төрагасы;

Болушев Э.М - ОПУжББСД директору, төраганын орун басары;

Саадалов Т. - ТКнын директору, ЖКнын мүчөсү;

Ташибеков Т.Ч. - ИПжБ каф.башчысы, топтун башчысы

Оморова С.Т. - ИПжБ ага окутуучусу, мүчө;

Алдосова А.Ж. - ИПжБ окутуучусу, мүчө;

## Кыскартуулар жана терминдер

Учурдагы өзүн-өзү  баалоо отчетто төмөндөгү кыскартуулар жана терминдер колдонулат:

**КРнын ББжИМ -** Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги
**МББС** - Мамлекеттик билим берүү стандарты
**КОББ -** кесиптик орто билим берүү
**НББП** - негизги билим берүү программасы;
**НББП ДЦ -** негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын цикли;
**МИЧАСжБ** - Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу
**ЖИК -** жалпы илимий компетенциялар;
**ИК** - инструменталдык компетенциялар;
**КК** - кесиптик компетенциялар;
**ОшТУ** - Ош технологиялык университети
**ГТК** – Гуманитардык технологиялык колледж
**МАК** - Мамлекеттик аттестациялык комиссия
**ПОК** - Профессордук-окутуучулук курам
**ЖКК** - Жардамчы көмөкчү курам
**КТП** – Календардык тематикалык план
**ИИИ** - Илим-изилдөө иштери
**СИИИ** - Студенттердин илим-изилдөө иштери
**ПД -** Профилдик дисциплиналар
**БД** - Базалык дисциплиналар
**Жум.ОП** - Жумушчу окуу планы
**ЖМК** - Жалпыга маалымдоо каражаттары
**СМС** - Сапат менеджменти системасы
**СӨИ-** Студенттердин өз алдынча иштери
**СМ** - Стратегиялык максат
**УК** - Учурдагы көзөмөл
**ТП** - Типтүү план
**ОУК** - Окуу-усулдук комплекс
**ОУС** - Окуу-усулдук Совет
**ОП** - Окуу планы
**ЖК**- жумушчу комиссия
**ОК** – Окумуштуулар кенеши
**КК** – колледждин кеңеши

## 1- СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ

**Кесиптик орто билим берүүчү уюмда билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү жол жоболору болууга тийиш. Билим берүү программалары белгиленген максаттарга жооп бериши керек.**

**1-стандарттын чен-өлчөмдөрү (критерийлери)**

***1.1 Билим берүү программасы билим берүү уюму миссиясына жана эмгек рыногунун талаптарына шайкеш келген, белгиленген билим берүү максаттарына жана күтүлүүчү окуу натыйжаларына ээ.***

ОшТУнун миссиясы 2017-жылдын 27-июнунда университеттин окумуштуулар кенешинде кайрадан каралып №6-протокол менен бекитилген. Ал эми ОшТУнун 2020-2025-жылдарга стратегиялык өнүгүү планы окумуштуулар кенешинин 2020-жылдын 24-февралындагы отурумунда каралып, №5.1920-протоколу менен кайрадан толуктоолор киргизилип, бекитилген. ОшТУнун миссиясы жана стратегиялык өнүгүү планы ОшТУнун сайтында жайгаштырылган (https:www.oshtu.kg). Университеттин, колледждин жана кафедранын стратегиялык жана учурдагы пландары түзүлгөн. Иш берүүчүлөр, ата энелердин жана аккредитацияланып жаткан адистиктин студенттеринин катышуусу менен билим берүүнүн максаты, окутуунун натыйжалары талкууланган жана алардын ой пикирлерин, сунуштарын эске алууну, кошууну камсыздоо максатында жолугушуулар, тегерек столдор өткөрүлгөн. Аларды сурамжылоонун негизинде толуктоолор киргизилген.

Кызыкдар тараптардын таанышуусу үчүн университеттин официалдуу сайтына жайгаштырылган.

**ОшТУнун миссиясы:**

- мезгил талабына ылайык, заманбап, өз тармагында мыкты, өзүнө болгон ишеними жогору, коомдун алдында жооптуу, эл аралык деңгээлде иштей алчу адистерди даярдоодо окутуунун алдыңкы инновациялык технологияларын колдонуу менен сапаттуу билим берүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо.
- Алган билим-тажрыйбаларын илимде, өндүрүштө, жана ишмердүүлүктө компетенттүү мамиле аркылуу практика жүзүндө ишке ашырууда жаңы формациядагы жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо жолу менен республиканын экономикасын, өндүрүшүн көтөрүү жана өнүктүрүү.
- Эл аралык таанылууга жетишүү.

ОшТУнун миссиясынын жана стратегиялык өнүгүүсүнүн негизинде гуманитардык технологиялык колледж төмөнкү максаттарды коет:

- Окуу процессин ишке ашырууда азыркы маалымат технологияларын колдонуу жана ишке кийирүү жолдору менен уюштуруу. Окуу процессин көзөмөлдөө, окуу пландарын жумуш берүүчүлөр жана кызыкдар жактар менен биргеликте эмгек рыногунун талаптарына ылайык өркүндөтүү.
- Инсандын ар тараптуу өнүгүүсүн калыптандырууга багытталган, тарбиялык иштердин натыйжалуу ыкмаларын иштеп чыгуу аркылуу студенттердин ар тараптан өнүгүүсүнө шарттарды түзүү.
- Эмгек рыногуна ылайык, колледж жана кафедра тарабынан иш берүүчүлөр, кызыкдар тараптар, социалдык оноктоштор, ата-энелер жана бүтүрүүчүлөр менен туруктуу, узгултуксуз карым катнаш байланышты жандандырып, биргеликте ишмердүүлүктү жүргүзүү.

Студенттерди тарбиялоо жаатында программанын максаты окуучунун социалдык-инсандык жана кесиптик маанилүү сапаттарын калыптандыруу болуп саналат: максатка умтулгандык, уюшкандык, эмгекчилдик, коммуникабелдүүлүк, жамаатта иштей билүү, кесиптик ишмердүүлүктүн акыркы натыйжасы үчүн жоопкерчилик, адаптациялуулук.

КОББ НББПнын максаттарына ылайык 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигин окутууда төмөнкү жыйынтыктарга жетүүгө умтулат: гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый илимий билимдердин негиздери жаатында даярдоо, бүтүрүүчүгө тандап алган чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү орто кесиптик билим алуу: ишмердүүлүк, эмгек рыногунда анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана туруктуулугуна көмөк көрсөтүүчү универсалдуу жана кесиптик компетенцияларга ээ болуу болуп саналат.

Келечекке жана учурга ылайыкталган пландардын аткарылышы иликтенип, жыл сайын тиешелүү түзөтүүлөр киргизилет.

*Тиркеме 1.1.1* *ОшТУнун миссиясы бекитүү*

*Тиркеме 1.1.2.* *ОшТУнун 2020-2025-жылдардагы стратегиялык өнүгүү программасы*

*Тиркеме 1.1.3.* *ГТКнын стратегиялык жана учурдагы пландары*

*Тиркеме 1.1.4.* *IT технологиялар предметтик-циклдык бирикмесинин учурдагы пландары.*

*Тиркеме 1.1.5.* *Окутуудагы алынуучу жыйынтыктар*, *компетенциялар*

***1.2. Билим берүү программасы боюнча окуу жүктөмү билим берүү стандарттарына шайкеш келет;***

Аккредитацияланып жаткан 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистиги боюнча окуу жүгүн Информатика, программалоо жана байланыш кафедрасынын башчысы жана ОПК тарабынан МББСнын негизинде түзүлүп, бекитилген окуу пландын жана университеттин №1 бюллетени (“Нормы планирования и учета педагогической нагрузки” жобосу) менен эсептелип, окуу бөлүмү менен макулдашылып, окуу иштери боюнча проректору тарабынан бекитилет.

Орто кесиптик адистерди даярдоодогу КОББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 120дан кем эмес кредиттерге барабар. Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы ОКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 60тан кем эмес кредиттерге барабар.

Бир окуу жылынын эмгек сыймдуулугу 30 кредитке барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп курулган учурда).

Бир кредит студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичинде анын аудиториялык жана студенттердин өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү боюнча). Аккредитацияланып жаткан 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигинин окуу планында сааттардын 50% аудиториялык, 50% студенттердин өз алдынча иштөөсүнө бөлүштүрүлгөн.

*Тиркеме 1.2.1.* *ББПсынын МББСга шайкеш келген көчүрмөсү*

*Тиркеме 1.2.1.* *Аккредитацияланып жаткан 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигинин окуу планынын көчүрмөсү.*

*Тиркеме 1.2.2.* *Кафедранын 2023-2024-окуу жылынын окуу жүктөмүнүн көчүрмөсү.*

*Тиркеме 1.2.3.* *№1 бюллетень “Нормы планирования и учета педагогической нагрузки” жобосунун көчүрмөсү.*

*Тиркеме 1.2.4.* *Кафедра башчысынын милттери тууралуу жобо.*

***1.3. Билим берүү программасы практиканын, стажировкалардын бардык зарыл түрлөрүнө жана окутуунун башка түрлөрүнө ээ;***

Аккредитацияланып жаткан 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигинин бекитилген окуу планы боюнча төмөнкүдөй практикалар бар:

- өндүрүштүк практика - 1 курста 3 жума
- өндүрүштүк практика - 2 курста 3 жума
- диплом алдындагы практика - 2 курста 4 жума.

Аккредитацияланып жаткан адистиктин студенттери окуу, өндүрүштүк, диплом алдындагы практикаларын бүтүрүүчү кафедра тарабынан түзүлгөн мекемелерге жөнөтүлөт. IT технологиялар предметтик-циклдык бирикмеси студенттерди өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикаларды өтөө үчүн төмөнкү мекемелер менен келишим түзүп, студенттерди өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикага жөнөтүп турушат:

1. ЖЧК Юань Трейд
2. ЖЧК "Ак-Текст"
3. ЖЧК «Этап-Строй»
4. ЖЧК " Зиккурат"
5. ЖЧК “Санарип”
6. "ОшТВ" ТРК
7. ААК «Кыргыз почтасы»
8. ААК «Кыргызтелеком»
9. ЖАК «Финка банк»
10. УРМ ЮР СРНОС Ошское отделение
11. «Ынтымак» ТРК
12. ЖЧК «Сын-Таш»
13. ЖАК «Юнион Тревел»
14. ЖЧК «ТехноМакс»
15. Matrix Компьютердик борбору.

1-курста өтүлүүчү 2 жумалык окуу практикасы кафедранын окуу жүктөмүндө бөлүнгөн жетекчи ГТКнын материалдык техникалык базасы боюнча көрсөтүлгөн компьютердик кааналарда (2/113, 2/115 ауд.) өткөрөт. Ал эми өндүрүштүк, диплом алдындагы практика кафедра менен келишим түзүлгөн мекеме ишканаларга жөнөтүлөт. Практика учурунда студенттер техникалык коопсуздук эрежелери, келечектеги кесиптин ишмердүүлүгү тууралуу таанышуу менен иштөөнү үйрөнүшөт. Окуу практикасынын негизги максаты: кесипке багыттоо, эмгек рыногундагы кесиптин актуалдуулугун чагылдыруу жана кесипке кызыгууну арттыруу.

Аккредитацияланып жаткан 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигинин студенттери практикага адистиктин бекитилген окуу планынын, ГТКнын окуу процессинин графигинин, практика боюнча жобонун негизинде, ошондой эле практиканын программасынын негизинде уюштурулат. Студенттерди практикага бөлүштүрүү кафедра башчысы жана практика жетекчиси тарабынан билдирүү берилип, ГТКнын директорунун, Окуу бөлүмүнүн башчысынын макулдугу менен, ОшТУнун окуу иштери боюнча проректору буйрук чыгарат. Практиканын жетекчиси студенттердин практиканы өткөргөн жыйынтыгы боюнча ГТКнын ККнын негизинде 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигинин студенттери практиканын жыйынтыгы боюнча маалымат берет.

2023-2024-окуу жылында 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигинин студенттери өндүрүштүк дана диплом алдындагы практикага ГТКнын окуу процессинин графигине ылайык жүргүзүлүп, Информатика, программалоо жана байланыш кафедрасы менен мекемелер тарабынан түзүлгөн келишимдин негизинде мекеме-ишканаларга жөнөтүлдү.

Түзүлгөн келишимдердин негизинде студенттер IT-door, «Кыргызтелеком» ААК, «Кыргызпочтасы» ААК жана башка мекеме-ишканаларда өндүрүштүк, окуу-таанышуу практикаларын өтүп келишкен.(фото отчет, кара сөз түрүндөгү отчет).

*Тиркеме 1.3.1.* *Практиканын программасы*
*Тиркеме 1.3.2.* *Мекеме ишканалар менен келишимдердн көчүрмөлөрү*
*Тиркеме 1.3.3.* *Практика өтөгөн студенттердин күндөлүгү*

*Тиркеме 1.3.4. [Практика боюнча отчеттор]*
*Тиркеме 1.3.5. [Практика боюнча билдирүүлөр жана буйруктар]*
*Тиркеме 1.3.6. [Студенттердин практика учурундагы сүрөттөрү.]*
*Тиркеме 1.3.7. [№33 бюллетени "ОшТУдагы практика жөнүндө" жобо]*

***1.4. Билим берүү программасы мазмунга үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүнү жана аны жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыз кылат, анын ичинде билим алуучулардын жана берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун мезгил мезгили менен баалоо.***

Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында мезгил-мезгили менен жаңылануу жүрүп турат. Заман талабына туура келген жана жаңы жабдуулардын келүүсү менен, бүтүрүүчүлөрдүн анкеталарынын жана сунуштарынын негизинде сабактын сапаты боюнча ата-энелерден иш берүүчүлөрдөн бүтүрүүчүлөрдөн анкеталык сурамжылоо жүргүзүлүп турат. Бүтүрүүчүлөрдүн жана иш берүүчүлөрдүн муктаждыктарын канааттануусун план боюнча ишке ашырылып турат жана жыйынтыктарды кайра карап чыгуу, өзгөртүү тартиби жыл ичи ишке ашырылат. Өндүрүштүн өкүлдөрү билим сапатын баалоода бардык иш чараларга активдүү катышышат. Бүтүрүүчүлөрдүн сапатын баалоо үчүн жумуш берүүчүлөр тегерек столдорго, конференцияларга, квалификациялык экзамендерге окуу программаларын иштеп чыгып, макулдашууда сабактын сапаты боюнча анкеталык сурамжылоолордо иш чаранын планына ылайык катышып турушат.

Жыл сайын кафедрада ББПны жакшыртуу, жумушчу орундарын табуу, өркүндөтүү максатында Информатика, программалоо жана байланыш кафедрасынын жалпы окутуучулары менен биргеликте апрель айында Ош технологиялык университетинин актылар залында «Программалоодо кызгыз тилин колдонуу» аттуу семинар өткөрүлөт. Ал жерде студент – иш берүүчүлөр жана кафедранын профессордук-окутуучулук курамы ортосунда пикир алышуулар жүрөт. Натыйжада аталган үч тараптын милдеттери, кызыкчылыктары эске алынып, андан ары ар бир тарап ошол семинарда белгиленген багытта иштерин алып барышат. Негизинен окуу пландарын, практикаларды ж.б. окуу процессине керектүү жактар каралып ал жыйында каралган маселелер протоколдоштурулат.

Студенттер менен өз ара байланышты жакшыртуу максатында кафедрада тегерек столдор, ийримдер уюштурулган. Аларга мисал 2023-жылдын 23-ноябрында Информатика, программалоо жана байланыш кафедрасынын жамааты иш берүүчүлөр жана IT багытындагы студенттер менен биргеликте откорулгон тегерек столду айтып кетсек болот. Ал кечеде программалоо жана байланыш багытындагы кызматкерлер менен студенттер арасында пикир алмашуу болуп ОшТУ менен иш берүүчүлөрдүн ортосунда келишимдер түзүлгөн. Тегерек столго 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигин аяктап, азыркы күндө өз адистигинин мыктысы болгон бүтүрүүчүлөрүбүз, кафедрасынын жалпы окутуучулар жамааты жана кафедрага караштуу адистиктерде окуган студеттер катышышкан.

Ар бир семестрдин аягында студенттердин билим берүү программасы боюнча окутуудан күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана канааттангандыгына мониторинг жүргүзүлүп, колледждин педкеңешинде каралып, тыянактар чыгарылып, жаңы иш чаралар боюнча чечимдер кабыл алынып турат. Ошондой эле "Окутуучу студенттин көз карашы менен" жобонун негизинде ар бир окутуучуну бир канча критерийлер менен баалоо жүргүзүлөт:

- Окуу материалдардын түшүнүктүү жана так берүү (көрсөтүү, баяндоо);
- Сабактарда техникалык, электрондук окуу каражаттарын жана көргөзмө колдонмолорду пайдалануу;
- Студенттердин жетишүүсүнө кызыкдар жана алардын билимин, жөндөмүн туура объективдүү баалоо;
- . Студенттерге өз алдынча иштөө (СРС) үчүн тапшырма берүү, адабияттар менен иштөө жана аны баалоо;

Анкетирлөөнүн жыйынтыгын анализдөөдө сабак өтүүнүн сапаты 10 баллдык система менен бааланып, кафедранын ар бир окутуучусу боюнча орточо балл чыгарылат.

2023-2024-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында төмөндөгү окутуучулар студенттер тарабынан бааланган. Баалоонун жыйынтыгы төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн:

Таблица 1.

“Окутуучу студенттин көз карашы менен” анкетирлөөнүн жыйынтыгы

| № | Окутуучулар | Окуу материалдардын түшүнүктүү жана так берүүсү | Сабактарда техникалык, электрондук окуу каражаттарын | Студенттердин жетишүүсүнө кызыктар жана алардын билимин, жөндөмүн туура баалоосу. | Студенттерге өз алдынча иштөө(СРС) үчүн тапшырма берүү, адабияттар менен иштөө жана аны баалоо. | Окуу материалдарын келечектеги кесиптик ишмердүүлүктө тайдаланууну көздөө. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Абдакимова Г. | 10 | 9 | 9 | 9 | 10 |
| 2. | Базарбай кызы Г. | 10 | 10 | 9 | 9 | 10 |
| 3. | Турдукулов С. | 10 | 10 | 9 | 10 | 10 |
| 4. | Умурзакова Р. | 10 | 9 | 10 | 9 | 10 |
| 5. | Адылбекова Н. | 10 | 9 | 9 | 9 | 9 |
| 6. | Момунова С. | 10 | 9 | 9 | 10 | 10 |
| 7. | Маматибраим уулу Ж. | 10 | 10 | 9 | 9 | 10 |

Таблицадагы анализдин жыйынтыгы көрсөткөндөй кафедранын окутуучулары жогору баалар менен бааланган. Бул көрсөткүч окутуучулардын педагогикалык чеберчилигинин жана квалификациялык көрсөткүчүнүн жогору экендигин айгинелейт.

*Тиркеме 1.4.1.* [Университеттеги жоболор (Бюллетень №29)]
*Тиркеме 1.4.2.* [Университеттин сайты]

### *1.5 Билим берүү программасы инновациялык окуу-методикалык ресурстарды, педагогикалык методдорду, формаларды жана технологияларды колдонот.*

Адистиктер боюнча окутулуучу дисциплиналардын маңызын өркүндөтүү үчүн жыл сайын окутуучулардын окуу- усулдук комплекстерине мониторинг жүргүзүлүп турат. Окуу программалар педагогикалык кеңеш жана окуу-усулдук кеңеш тарабынан каралып чыгып бекитилет. Окутулуучу материалдардын сапаты кафедра башчы жана окуу – усулдук кеңеш тарабынан текшерилет. Окутууда окутуучулар тарабынан инновациялык ресурстар (ОшТУнун Univer+ порталы), инновациялык технологиялар (электрондук доска, компьютер, проектор, ж.б.) колдонулуп, түрдүү усулдарды пайдаланышат.

Ошондой эле билим берүүнүн интерактивдүү технологиялар: активдүү угуу, критикалык ойлонуу, ишкердүү оюндар, кичи тайпаларда иштөө өңдүү жаңы усулдар менен сабак өтүү студенттердин билим алууга болгон кызыкчылыгын арттырып, ар бир студент сабактарга активдүү катышып, өз алдынча изилденүүчүлүккө багыттайт.

Ар жыл сайын окуу жылында ачык сабактарды өткөрүү, өз ара сабакка катышуу жадыбалы бекитилип, иш жүзүнө ашырылат.

Студенттерди келечектеги адистигине кызыктыруу жана тартуу үчүн, ушул багыттагы мекеме-ишканаларда иштеген алдыңкы адистерди чакырып, конок лекциялар уюштурулат. Чакырылган коноктор кайсыл багытта билимди тереңдетип алуу жана болочок кесиптин өзгөчөлүгүн, коюлуп жаткан талаптар боюнча таанышытырат.

Кафедрада билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана инновациялык усулдарды колдонууну колго алуу максатында, окутуучуларды мүмкүнчүлүк болгон ар түрдүү семинарларда, тегерек столдордо катышуусу колго алынган. Кафедранын окутуучулары билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында тиешелүү дисциплиналарга окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгышкан, проекторлор жана компьютерлерди пайдалануу менен сабак өтүшөт.

Ошол эле учурда мурдатан колдонулуп келген өз-ара сабакка катышуу менен жаш окутуучуларга көп жылдык стажга ээ болгон окутуучулар өзүнүн билимин, усулдарын үйрөтүшөт. Андан сырткары квалификацисын жогорулатууучу окуулар уюштурулуп аларга катышышат.

Инновациялык жана интерактивдүү окутуунун формалары жана усулдары “Ачык сабактар” убагында көрсөтүлүп окуу процессине киргизилет.

Аталган иш-чараларды жүргүзүүдө университеттин жетекчилиги тарабынан каржылоо каралган. Мындан сырткары башка илимий конференцияларга жана семинарларга катышып ийгиликтерге жетишуу жактары да каралган.

*Тиркеме 1.5.1. Окутуучулардын окуу-усулдук комплекстери (тандалма)*
*Тиркеме 1.5.2. Ачык сабактын иштелмеси(тандалма)*
*Тиркеме 1.5.3. Univer+ порталы.*
*Тиркеме 1.5.4. Мультимедиялык техникалык каражаттарды колдонуу менен өтүлгөн сабактардан сүрөттөр*
*Тиркеме 1.5.5. Окутуучулардын өз ара сабакка катышуу жана ачык сабак өтүүнүн жадыбалы*
*Тиркеме 1.5.6. Ачык сабак жана өз ара сабакка катышуунун жыйынтыгын талкуулаган кафедранын отурумунун протоколунун көчүрмөсү*
*Тиркеме 1.5.7. Конок лекциянын сүрөттөрү.*

### *1.6 Билим берүү программасы билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын аныктайт жана кошумча билим берүү кызматы көрсөтүүлөрүн уюштурат*

Сабактардан сырткары кошумча билим берүү максатында ар кандай курстар жана кружоктор уюштурулган. Тилдерди үйрөнүү үчүн корей тил, кытай тил, америкалык-ресурстук борборунда тил үйрөнүү курстарына студенттер активдүү катышышат.

Ошондой эле акредитацияланып жаткан адистиктер боюнча “Архитектурное проектирование”, “Робототехника” , “Веб-программирование” кружоктору уюштурулган. Кружокко адистиктерден кызыккан студенттер катышып, компьютердик техникалык маалымат каражаттарынынжардамында атайын программаларды колдонуу менен долбоорлоо иштерин үйронүшот, имараттардын макеттерин жасоону өздөштүрүшөт.

*Тиркеме 1.6.1 Тил курстарындагы сүрөттөр*
*Тиркеме 1.6.2 “Робототехника”, “Веб-программалоо” кружогунун планы, сүрөттөрү*

### *1.7 Билим берүү программасы анын актуалдуулугун камсыз кылуу үчүн илимдин жана техниканын акыркы жетишкендиктерин эске алуу менен конкретүү дисциплиналардын мазмунуна мониторинг жүргүзүүгө жана жыл сайын баалоого тийиш.*

Ар бир жарым жылдыктын аягында окуучулар арасында окуу дисциплиналарынын мазмунун баалоо үчүн сурамжылоо жүргүзүлөт. Сурамжылоонун жана өткөрүлгөн ачык сабактардын жана өз ара сабакка катышуу жыйынтыктары боюнча жумушчу программалардын мазмунуна өзгөртүүлөр киргизилип турат, ошондой эле окутуунун формаларына жана методдоруна оңдоолор киргизилет. Жыйынтыгы талданып, колледждин педагогикалык кеңешине сунушталат. Ошондой эле, конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна баа берүү үчүн окуу пландары жана жумушчу программалары кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн эске алуу менен мезгил-мезгили менен оңдолуп турат. Окутуучу-устаттар ачык сабактарга катышууну бекитилген графикке жана өз ара сабакка катышуусун үзгүлтүксүз жүргүзүшөт.

*Тиркеме 1.7.1. ИПжБ кафедрасынын жамаатынын кесиптик, өндүрүштүк уюмдардын өкүлдөрү жана ата-энелердин катышуусунда өткөрүлгөн жыйындардын протоколунун көчүрмөсү.*
*Тиркеме 1.7.2. ГТКнын педкенешинин окуу сабактарынын мазмунун талдоо боюнча протоколунан көчүрмө.*

***Күчтүү жактары*:**
- Адистиктерди даярдоо жакшы жолго коюлуп, иш берүүчүлөр менен тыгыз байланыш түзүлгөн жана жыл сайын иш берүүчүлөр жана кызыкдар тараптар менен жолугушуулардын негизинде окуу пландарын талкулоо менен жакшыртуу жолго коюлууда;
- студенттердин окуу-усулдук материалдар, заманбап техникалык түзүлүштөр менен камсыз болуусу жыл сайын окуу жайы тарабынан жогорулоодо.

**Алсыз жактары:**
- Иш берүүчүлөрдүн жана башка кызыкдар тараптардын сунуштарын толук кандуу аткаруу ишке ашпай калуусу. Мисалы: жаңы заманбап техникаларды студенттерге тааныштыруу; акыркы үлгүдөгү компьютерлердин жетишсиздиги, ж.б.

## 2- СТАНДАРТ. ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫН КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ТААНУУ

**Билим берүү уюмдарында студенттерди окутуунун бардык мезгилде кабыл алуу, окуу жетишкендитерин колдоо, квалификациясын таануу жана студенттердин бүтүрүү боюнча бекитилген, жарыяланган жана ырааттуу колдонулуучу эрежелер болушу керек.**

### 2.1 Кабыл алуунун эрежелеринин жана процесстеринин ачык-айкындыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылат

Колледжге кабыл алуу «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана «Орто кесиптик билим берүү уюму жөнүндө» жобого ылайык №262 20.05.2020-жылы иштелип чыккан «ОКББУна окуучуларды кабыл алуунун тартиби» жөнүндөгү жана колледждин Уставынын негизинде жүргүзүлөт. Колледж окуучуларды кабыл алуу боюнча област, райондордогу, шаардагы мектептерге кесипке багыт берүү иштери, окуу жай жана андагы адистиктер тууралуу буклет, слайд, видео роликтерди көрсөтүү менен инженердик-педогогикалык кызматкерлер тарабынан иш алып барылат, ошондой эле массалык маалымат каражаттары,социалдык тармактар аркылуу да кесипке багыт берүү иштери жүргүзулөт. Кабыл алууну уюштуруу үчүн ОшТУда кабыл алуу комиссиясы түзүлөт. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы кабыл алуу планынын аткарылышы, лицензияда белгиленген максималдуу контингенттин, ошондой эле колледжге кабыл алууда ченемдик укуктук актылардын талаптарынын

сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат, кабыл алуу мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт. жана апелляциялык комиссия, алардын иштөө тартибин, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиянын жарандарды кабыл алуу графигин бекитет. Колледжге кабыл алуу - тандоо жана кабыл алуунун жол-жоболору менен белгиленген эрежелерге жана критерийлерге ылайык жүргүзүлөт.

Быйыл окуучуларды кабыл алуу жол-жобосу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 21-августундагы № 4910/1 сандуу "Кыргыз Республикасынын кесиптик окуу жайларга абитуриенттерди кабыл алууну уюштуруу жөнүндө" буйругунун негизинде edu.gov.kg сайтында «Абитуриент Onlien» автоматташтырылган маалыматтык тутумун колдонуу менен, ачык айкын жана обьективдүү жүргүзүлдү.

*Тиркеме-2.1. Кабыл алуунун эрежелери (сайт);*
*Тиркеме-2.2. Колледждин Уставы (сайт);*
*Тиркеме-2.3. edu.gov.kg тиркемеси;*
*Тиркеме-2.4. Кабыл алуу комиссиясынын курамын бекитүү жөнүндө буйрук;*
*Тиркеме-2.5.Апеляциялык комиссиясынын курамын бекитүү жөнүндө буйрук;*

**2.2 Билим берүү прогаммасы билим алуучуларга билим берүү траекториясын калыптандырууга (тандоого), академиялык мобилдүүлүккө жана карьералык өсүшкө жардам берет**

Окуу жылынын башында колледжге тапшырган студенттерге профилдик багыты боюнча билим берүү программасы тууралуу толук жана өз убагында кафедра башчысы жана окутуучулар тарабынан маалымат берилет. Алар окутулган дисциплиналардын тизмеси жана алардын сааттарынын саны, академиялык мобилдүүлүк боюнча маалымат-консультация алышат. ББПнын негизинде жана иш берүүчүлөрдүн сунуштарын эске алуу менен окуу планына тандоо курстары киргизилет.

Ошондой эле колледжди ийгиликтүү аяктагандан кийин бүтүрүүчү студенттер кесиптик ишмердүүлүгүн уланта ала турган уюмдар жөнүндө маалымат алат. Академиялык мобилдүүлүк боюнча студенттер жана окутуучуларды белгилүү бир академиялык мезгилге башка окуу жайлар менен тажрыйба алмашуу, материалдык-техникалык базасы, окуу усулдары менен таанышып билим деңгээлин жогорулатууга, теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк алат. Азыркы учурда биздин колледжде академиялык мобилдүүлүк боюнча, ОКК,ОшМУнун колледждери, жана кесиптик лицейлер менен келишим-меморандум түзүлүп, ишке ашырылууда.

Акыркы жылдары биздин өлкөдө окуу жайлардагы студенттердин, окутуучулардын башкаруу кызматкерлеринин академиялык алмашуусуна өтө көңүл бурулуп келет. Ушуга байланыштуу академиялык мобилдүүлүк-бул Кыргызстандагы окуу жайлардагы эл аралык ББ мейкиндигине карай журулушуу жараянынын эң негизги багыттарынын бири. Мобилдүүлүктүн башкы максаты студенттин тандап алган багыты боюнча билим алуусуна мүмкүнчүлүк берүү, алдынкы илимий мектеп болуп түзүлгөн ББ борбору менен камсыз кылуу, студенттин ар кыл чөйрөдө маданий деңгээлин өстүрүү. Мобилдүүлүктү активдештирүү жана ички академиялык алмашууну күчөтүү студенттерди жаңы окуу чөйрөсүнө аралаштырып сабакка болгон атаандаштыгын күчөтүү жана аларды коомчулук менен тил табышууга үйрөтүү. Окуу

жайлар ортосунда фестивалдар өткөрүлүп турат жана маданий массалык, спорттук иш чаралар, оюн-зоок программалар менен коштолуп, мында активдүү жана таланттуу окуучуларга дипломдор, ардак грамоталар, сертификаттар жана башка сыйлыктар тапшырылып келет.

***Билим алуу траекториясы төмөнкү этаптардан турат:***

1. Колледжге тапшыруу;
2. Окуу регламенти менен жана ички орнотулган тартиптери менен таанышуу;
3.Окуу планында көрсөтүлгөн бардык практикалардын түрлөрүн өтө, тарбиялык, маданий-массалык жана коомдук иш-чараларына катышуу жана башка аудиториялык, аудиториядан сырткары иштерди камтыган окуу процесси аркылуу зарыл болгон бардык универсалдуу, кесиптик жана жеке компетенттүүлүктүөздөштүрүү.
4. Өздөштүргөн компетенттүүлүктү тастыктоо үчүн мамлекеттик аттестациялык сынакты тапшыруунун негизинде «Техник» квалификациясы ыйгалылат жана кесиптик орто билим берүү мамлекеттин үлгүсүндөгү диплом берилет.

*Тиркеме-2.2.1. Адистиктин окуу планы жана иш берүүчүлөрдүн сунуштары (протокол)*

*Тиркеме-2.2.2. Адистиктер жөнүндө буклеттер, видеороликтер (сайт);*

*Тиркеме-2.2.3. Мобилдүүлүк боюнча буйруктардын көчүрмөлөрү жана планы (сайт);*

*Тиркеме-2.2.4. Фото жана видео отчеттор;*

*Тиркеме-2.2.5. Келишимдердин жана меморандумдардын көчүрмөлөрү;*

**2.3 Билим берүү программасы мурунку билим берүүнүн квалификациясын, мезгилдерин жана окутуунун натыйжаларын объективдүү таанууну камсыз кылат**

Кафедрадагы адистиктердин ББП МББСнын талаптарына ылайык НББПны иштеп чыккан жана квалификациялардын улуттук алкагына ылайык окутуунун натыйжаларына жетишүү үчүн иш-аракеттерди аткарып келет. Ар бир адистик боюнча окуган студенттерде МББСнын 11 жана 15-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык жалпы жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу боюнча кафедранын ар бир окутуучусу адистиктердин квалификациясына жана окутуунун мезгилдерине жараша иш алып барууда. Ар бир окутуучу өздөрүнүн сабактары боюнча компетенциялардын негизинде окутуунун натыйжаларын жумушчу программаларында иштеп чыгышкан жана аларды ишке ашырууну камсыздашат. Аталган маалыматтар ар бир окутуучунун электрондук жеке каанасында жайгаштырылат жана алар ар бир студентке жеткиликтүү болот.

*Тиркеме-2.3.1. Окутуунун натыйжалары (РО, ведомость, УМК)*

*Тиркеме-2.3.2. Адистиктердин мамлекеттик стандарттары (сайт);*

*Тиркеме-2.3.3. Окутуучулардын жумушчу программалары;*

*Тиркеме-2.3.4. Универ электрондук окутуу порталындагы окутуучунун жеке каанасы (бир окутуучунун логин паролунун негизинде көрүүгө болот);*

**2.4 Билим берүү программасы окуудан өткөн жана күтүлгөн окуу натыйжаларына жетишкен студенттерге жетишилген окутуунун натыйжаларын, ошондой эле Улуттук квалификациянын алкактарынын белгилүү деңгээлине ылайык мазмунун жана квалификациясын тастыктаган билим берүү документи менен камсыз кылууга тийиш**

Бүтүрүүчүлөр окууну ийгиликтүү аяктагандан кийин мамлекеттик жана квалификациялык жыйынтыктоочу сынактарды тапшырышат, ошондой эле өз

адистиги боюнча сынактардан ийгиликтүү өткөн бүтүрүүчүлөргө алардын адистик боюнча квалификациясын тастыктаган, анын ичинде жетишилген окуу натыйжаларын ырастаган кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет.

*Тиркеме-2.4.1.* *Адистиктин дипломунун көчүрмөсү;*

***Кучтуу жактары*:**
- орто кесиптик билим берүү программасына кабыл алууда, жарандардын укуктарын сактоо, сынак жана апелляциялык комиссиянын ачык-айкын иштөөсү камсыздалган;
- абитуриенттер ОшТУнун сайтында жайгашкан адистиктер боюнча маалыматтык тесттерден өздөрү тандаган билим берүү программасы жана карьералык мүмкүнчүлүктөр жөнүндө маалымат ала алышат.
-220206 АСОИиУ адистигинде тапшырууда абитуриенттер тышкы жана ички мобилдүүлүк боюнча маалымат алышып, башка окуу жайга окуп келүүсүнө шарт түзүлөт;

**Алсыз жактары:**
- үй-бүлөлүк шарты начар, социалдык камсыздоого алынган студентер окуу төлөмүнү үй-бүлөлүк шартына байланыштуу убагында төлөй албай экзамендерди тапшырууга уруксаты жок калып кетүүсү.

## 3-СТАНДАРТ . ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ ЖАНА БИЛИМ АЛУУЧУЛАРДЫН БИЛИМ АЛУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

**Билим берүү уюму билим берүү программаларына туруктуу мониторингди жана мезгил-мезгили менен баа берүүнү жүргүзүүгө, алардын максаттарына жетүү, окуучулардын жана коомдун керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн кайтарым байланыш механизмин (суроо, интервью, студенттерди, негизги иш берүүчүлөрдү сурамжылоо) колдонууга милдеттүү. Бул процесстредин натыйжалары программаларды тынымсыз жакшыртууга алып келиши керек. Пландаштырылган жана аткарылуучу иш-чаралар жөнүндө маалымат бардык кызыкдар тараптар үчүн тышкы процедуралардан өтүшү керек.**

### 3.1 Билим берүү программасы педагогикалык методдорду, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо үчүн студенттердин үзгүлтүксүз кайтарым байланышын колдонот

Адистиктердин билим берүү программалары инновациялык методдорду, билим берүүнүн формаларын, технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн студенттер менен үзгүлтүксүз өз ара байланышты пайдалануу бир багытка коюлган.

Педагогикалык методдорду, билим берүүнүн формаларын, технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн Усулдук Кеңеш, профессордук-окутучуулук курам, студенттер менен үзгүлтүксүз өз ара байланыштар жүргүзүлүп турат. Усулдук Кеңеш төмөнкү функцияларды аткарат:

1. Көрсөтмө берүү
2. Текшерүү
3. Баалоо

Билим берүүдө педагогикалык усулдар, формалар жана технологияларды колдонууну баалоо студенттер арасында сурамжылоо аркылуу ишке ашырылат. Ар бир курс боюнча окуучу 10 баллдык шкала менен сабак берген окутуучуну баалашат, ар бир окутуучу үчүн орточо балл чыгарылып, андан кийин жетекчи тарабынан анкетирлөөнүн

жыйынтыгы анализденет. Анкетирлөөнүн жыйынтыгы менен жетекчи окутуучулар менен жекече ангемелешүүлөрдү өткөрөт.

Тиешелүү компетенттүүлүккө ээ болууда электрондук тесттер, карточкалар, интерактивдүү доскалар, таркатма материалдар, суроо-жооптор, шаблондор, видео роликтерди пайдалануу менен мугалим көздөгөн максатына жетет. Студент өз алдынча иштөөгө калыптанат. Анкета алуу ыкмасы окутуучу менен окуучунун сабак процессинде канчалык сапаттуу, тыгыз же сейрек мамиледе болуп жаткандыгы тууралуу маалымат берет. Электрондук доска, видеороликтерди пайдаланууда студент өзүнүн компетенттүүлүгүн жогорулатат.

Билим берүү программасын жакшыртуу, кафедранын окутуучуларынын компетенттүүлүгүн аныктоо максатында Информатика, программалоо жана байланыш кафедрасы жыл сайын студенттер менен жолугушуулар уюштурат. Жыйынтыгында кафедранын окутуучуларынын билим денгээли, окуучуларга болгон мамилеси, педагогикалык усулдарды билүүсү, жаны технологияларда иштөө жөндөмү, ж.б. талкууланып, протоколдоштурулат жана кемчиликтерди жоюу боюнча иш-аракеттер аныкталат.

Студенттердин сабактарды өздөштүрүүсүн текшерүү үчүн онлайн тест түрүндө, контролдук суроолорду берүү, тема боюнча өз алдынча тапшырмаларды берүү (жазуу жана оозеки түрүндө) менен ишке ашырылат.

*Тиркеме-3.1.1. Мугалим студенттин көзү менен. анкетирлөө (сайт).*

*Тиркеме-3.1.2. Тесттер.*

*Тиркеме-3.1.3. Студенттердин сунуштарын талкуулоо боюнча кафедранын отурумунун протоколунан көчүрмө;*

### 3.2 Билим берүү программасы баалоонун критерийлеринин жана методдорунун, контролдоонун күтүлүп жаткан түрлөрүнүн, баалоонун натыйжаларына аппеляция берүү жол-жоболорунун жеткиликтүүлүгүн ачык-айкындыгын камсыз кылат

Кафедранын адистиктеринин билим берүү программалары студенттердин билимин баалоонун критерийлеринин, методдорунун жана алардын түрлөрүнүн жол-жоболорун өзүнүн сайтында жайгаштырат. Андан сырткары ал маалыматтар ар бир окутуучунун жумушчу программасында ачык-айкын жана жеткиликтүү чагылдырылат. Студенттердин сабакка катышуу, жетишүүсү ОшТУнун сайтында жана Univer+ программасы аркылуу интернет сайтында көрсөтүлгөн жана аны студенттин өзү, ата-энеси же кызыктар тараптар байкап мониторинг жүргүзө алат.

Окуучулардын укугун коргоодо, психологиялык, педагогикалык колдоо көрсөтүү максатында окуу жайда атайын "Ишеним кутуча" уюштурулган. Студенттердин даттануусун жана арыз-муңун талдоо, чечүү максатында ректорат тарабынан ар бир окуу корпустарына атайын кутучалар орнотулган. Андагы түшкөн маалыматтар ректораттын, деканаттардын, профсоюз уюмунун жана студенттик омбудсмендин катышуусу менен, коллегиялык таризде каралып чечилет. Ошол эле учурда, Технологиялык колледжининстудсенаттары, директордун тарбиялык иштери боюнча орун басары, студенттердин омбудсмени жана жаштар комитети студенттер менен иш алып барышат.

Университеттин сайтында факультеттер, кафедралар жана структуралык бөлүмдөр тууралуу толук маалыматтар берилип, жаңыланып, университеттеги күндөлүк болуп жаткан жаңылыктар жазылып турат. Ошондой эле университеттин сайтында студенттердин жетишүүсүнө тиешелүү болгон КРнын ББжИМнин жана университеттин нормативдик документтер жыйнагы жайгаштырылган. Ал нормативдик документтерге өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип, жаңыланып турат.

Студенттердин билимин баалоо объективдүүлүк жана акыйкаттуулук принциптеринин негизинде бардык тараптан анализделип, модулдук-рейтингдик системанын жобосуна ылайык кошумча баллдардын жыйынтыгы менен коюлат. Баалоодогу жумшартуучу жагдайлар эске алынуу менен модулдук-рейтингдик жумада белгиленген күнү алынган аралык текшерүүдө жетишээрлик балл топтой албаган студенттер үчүн ошол жума ичинде тапшыруу мүмкүнчүлүктөрү каралган.

Студенттерден өтүлгөн сабактар боюнча экзамендерди жана зачетторду кабыл алууда контролдук суроолор жана тесттер колдонулат.

Эгерде студент экзамен же зачет учурунда өзү алган баага канааттанбаса же макул болбосо, анда ал өз арызынын негизинде директордун уруксаты менен ошол сабак боюнча түзүлгөн комиссияга кайрадан тапшыра алат. Ал эми ден-соолугуна же башка жүйөлүү себептер менен экзаменге келбеген студенттер үчүн да кошумча шарттар каралган. Баалоонун бардык түрлөрү үчүн апелляциялык комиссия мүчөлөрү карайт.

Студенттердин бардык топтолгон баллдары Универ информациялык системасынын электрондук журналына оперативдүү түрдө катталып, баллдарды предметниктер тарабынан өзгөртүү мүмкүн эмес.

*Тиркеме-3.2.1. Студенттердин билимин баалоо жөнүндө жобо (сайт);*

*Тиркеме-3.2.2. Апеляциялык комиссия буйруктун көчүрмөсү;*

*Тиркеме-3.2.3. Универ порталындагы баалоо системасы;*

*Тиркеме-3.2.4. Ишеним кутучасынын ишмердүүлүгү жөнүндө жобо;*

*Тиркеме-3.2.5. Окуудан четтетилгендер жөнүндө буйруктун көчүрмөсү;*

*Тиркеме-3.2.6. Жаштар комитетинин иш-планы;*

### 3.3 Билим берүү программасы билим алуучулардын окуусун таштап кетүү себептерине дайыма талдоо жүргүзөт, алардын окуудагы жетишкендиктери жана бекемделиши боюнча чараларды көрөт

Окуу процессинде контингентти сактоо, жүйөлүү себептерсиз окууну таштап кетүүлөрдү кыскартуу боюнча иштер дайыма жүргүзүлөт. Колледждин жетекчилиги жана кафедра башчы тарабынан окуучулардын окууну таштоо себептери, мисалы, үй-бүлөлүк себептерден (финансылык абалдын оордугу), жүйөлүү себепсиз сабакка келбей калуусу дайыма талданат жана чаралар көрүлөт. Студенттердин билимин бекемдөө жана жетишүүсүн жогорулатуу үчүн курторлордун билдирүүсүнүн негизинде женилдетилген шарттарды сунуштоо кафедрада талкууланып, жетекчилике маалымдалат. Алыскы аймактарда жашагандар үчүн жатакана жана кечки спорт зал, ийримдер каралган.

Окууга кабыл алуудан кийин кызыктыруучу эн негизги иштер:

Биринчи курстарга жаңы окуу жылында университет тарабынан атайын иш – чаралар уюштурулуп, окуу жай тууралуу маалыматтар, роликтер көрсөтүлүп оюн зооктор өткөрүлүп келет.

Студенттердин окууга болгон кызыгуусун арттыруу максатында библиотекада бекер Wi-Fi, жатакананы заманбап ремонттон өткөрүү менен жана окуу кааналарын заманбап технологиялар менен камсыздалган.

Кээ бир студенттердин университет менен байланышы үзүлгөнүнө жана өз убагында сессияларын тапшырбай, окуу төлөмүн кечиктиргендигине байланыштуу окуудан четтетүүгө туура келет. Бул нерсеге жол бербөө үчүн ар бир группанын кураторлору студенттер менен сүйлөшүп, алардын көйгөйлөрүн чечүүгө көмөктөшүшөт. Студенттер арасында үй-бүлөлүк шарты начар, ата-энеси жок

студенттерге атайын жеңилдиктер университет тарабынан каралган.

*Тиркеме-3.3.1. Окуудан четтетүү жөнүндө жобо;*

*Тиркеме-3.3.2. Женилдиктерди берүү жөнүндө жобо;*

*Тиркеме-3.3.3. Студенттердин окууну таштап кетүүсүнө талдоо (акыркы 3 жылдагы);*

**3.4 Билим берүү программасы билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алуу жана жеке окуу траекторияларын, академиялык мобилдүүлүктү калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берүү жана билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн башка варианттарын пайдалануу менен ишке ашырылат( электрондук, дистанттык окутуу)**

Кафедранын адистиктеринин билим берүү программалары студенттердин ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алат жана академиялык мобилдүүлүгүн калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Студенттерди белгилүү бир академиялык мезгилге башка окуу жайга, өлкө ичинде же чет өлкөдө окуу же изилдөө үчүн көчүрүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Биздин университетте академиялык мобилдүүлүк эки негизги багытта жүргүзүлөт: студенттерди кыргызстандык өнөктөш университеттерде окутуу жана чет өлкөлүк университеттерде окутуу. Мобилдүүлүк программалары өнөктөш университеттердин ортосундагы келишимдердин алкагында ишке ашырылат.

Академиялык мобилдүүлүк программалары боюнча окуу биздин студенттерге чет тилин билүү деңгээлин жогорулатууга, теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн тереңдетүүгө, өлкөнү жакындан таанууга, кыргызстандык жана чет өлкөлүк теңтуштарды таанып-билүүгө мүмкүндүк берет.

Сабактардан сырткары кошумча билим берүү максатында ар кандай курстар жана кружоктор уюштурулган. Тилдерди үйрөнүү үчүн корей тил, кытай тил, америкалык-ресурстук борборунда тил үйрөнүү курстарына студенттер активдүү катышышат.

Ошондой эле акредитацияланып жаткан адистиктер боюнча “Робототехника”, “Веб-программалоо” аттуу кружоктор уюштурулган. Кружокко адистиктерден кызыккан студенттер катышып, компьютердик техникалык маалымат каражаттарынын жардамында атайын программаларды колдонуу менен долбоорлоо иштерин үйрөнүшөт, имараттардын макеттерин жасоону өздөштүрүшөт.

*Тиркеме 3.4.1. Академиялык мобилдүүлүктү калыптандыруу үчүн. мүмкүнчүлүктөр.*

*Тиркеме 3.4.2. Конкурстардагы сүрөттөр (сайт)*

*Тиркеме 3.4.3. “Робототехника”, “Веб-программалоо” кружогунун планы, суроттору, студенттердин тизмеси.*

**3.5 Билим берүү программасы окуу жүктөмүнө, билим алуучулардын жетишкендиктерине жана бүтүүсүнө, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна мониторинг жүргүзөт**

Орто кесиптик билим берүү уюмдарында 2023-2024-окуу жылынын башталышы жана окуу процесси Кыргыз Республикасынын Министирлер кабинетинин токтомуна ылайык 21.08.2023 жылынын №4910/1 буйругунун негизинде 1-сентябрында башталат. ББП боюнча Кыргыз Республикасынын №393 Токтому менен 22.07.2022-

жылы бекитилген орто билим берүү билим берүүсүнүн Мамлекеттик стандарты, окуу планы, окуу жүктөмү Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлүп, окуу жайдын жетекчилиги тарабынан бекитилген типтүү окуу планы менен аныкталат. Жалпы билим берүүчү предметтер үч жылдык окуу мөөнөтү менен окугандар үчүн адистиктер боюнча төмөндөгүдөй:

220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигинин окуу планы боюнча жалпысынан 3600 академиялык саат башкача айтканда 120 кредиттик окуу жүгүн түзөт.

Даярдалган жумушчу окуу планынын негизинде окуу жүктөмү түзүлүп, ББПсын ишке ашырууга ички жана тышкы баа берүү, дисциплиналардын программаларын өзгөртүү жана кайра бекитүү жылына бир жолу педогогикалык кеңештин жыйналыштарында жүргүзүлөт.

Негизги окуу пландарын иштеп чыгууда талаптар аткарылышы керек:

- окуу дисциплиналарынын, практикалардын жана жылдык аттестациянын толук эмгек сыйымдуулугу кредиттерде аныкталып, бүтүн сан менен гана аныкталууга тийиш, аудиториялык сабактардын эмгек сыйымдуулугу-академиялык сааттар менен өлчөнөт;

- кредиттик технологиянын негизинде окуу жүктөмү 30 академиялык саатка барабар;

- окуу жүктөмдөрүн пландаштыруу кафедра башчысы жана окутуучулар менен биргеликте протоколдоштурулуп, штаттык жадыбал бекитилет.

Студенттердин окуудагы жана ишке орношуудагы жетишкендиктерине обьективдүү баалоо жүргүзүү менен кафедрада мониторинг жүгүзүлөт жана таблица, диаграмма менен тастыкталат.

ББПнын негизинде жумушчу окуу планын иштеп чыгууда, студенттер жана иш берүүчүлөрдүн пикири эске алынат. Күтүүлөр, муктаждыктар жана канааттануулары баалоо жыл сайын сурамжылоо түрүндө жүргүзүлөт. Бүтүрүүчүлөр, иш берүүчүлөр үчүн анкеталар иштелип чыккан. Сурамжылоонун жыйынтыгы жыйналыштарда эске алынат жана пландар иштелип чыгат.

Практика мезгилинде студенттер тиешелүү тармактарда өздөрүнүн компетенттүүлүгүн көрсөтүп, жумуш табууга мүмкүнчүлүк алышат. Бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштурууну баалоо механизми 2 этаптан турат: бүтүрүүчүлөр тууралуу маалыматты бүтүрүү курсунун аягында чогултуу (даректери, бүтүрүүчүлөрдүн жана ата-энелердин телефондору, электрондук даректери ж.б.) жана колледжди аяктагандан кийин 6 айдан кийин жумушка орношуусу тууралуу маалымат тактоо жана алар үчүн анкеталар даярдалып, социалдык тармактар аркылуу даректерге жөнөтүлөт. Бүтүрүүчүлөрдүн жооптору талданып, ишке орношуу көрсөткүчтөрүн жакшыртуу планы түзүлөт.

*Тиркеме 3.5.1. Мамлекеттик билим берүү стандарттары (сайт);*

*Тиркеме 3.5.2. Адистиктердин окуу пландарынын көчүрмөлөрү;*

*Тиркеме 3.5.3. Адистиктер боюнча акыркы үч жылдагы бүтүрүүчүлөрдүн жетишүүсүнө жүргүзүлгөн мониторингдин диаграммасы;*

*Тиркеме 3.5.4. Студенттер жана иш берүүчүлөр менен өткөрүлгөн жолугушуулардын фотолору, протоколдору;*

*Тиркеме 3.5.5. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун талдоонун мониторинги.*

**3.6 Билим берүү программасы ар кандай деңгээлдеги олимпиадаларды, кесиптик сынактарды жана долбоорлорду өткөрүү үчүн зарыл ресурстарга ээ**

Студенттердин жекече жетишкендиктерин колдоо максатында, ОшТУда жыл сайын өткөрүлүүчү "Илим жана студент" аталышындагы илимий конференция өткөрүлөт. Конференция кафедранын окутуучулары тарыбынан даярдалган студенттер активдуу катышышат.

Мисалы 2023-2024 -окуу жылындагы илимий конференцияга АСОИиУ-1-22(9) тайпасынын студенти Хабибиллаева Мариям "Экологиялык коопсуздуктун графикалык дизайнын иштеп чыгуу", АСОИиУ-2-23(9) Кавылбеков Артур "Жаңы технологиялар жана алардын биздин жашообузга тийгизген таасири" аталыштагы докладдары менен катышышып, макалалары кызыктуу жана мазмундуу деп табылып, сертификаттарга ээ болушту.

Мындан сырткары, студенттердин ар түрдүү олимпиада, конкурстарга катышуусу колго алынган.

Ошондой эле, кафедрада кесиптик сынактарды жана долбоорлорду жыл сайын өткөрүү колго алынган. Мисалы, Техникалык түзүлүштөрдү маалыматтташтыруу, Интернет-программалоо, Компьютердик тармактар сабактарынан сынактар өткөрүлүп турат.

*Тиркеме 3.6.1. Интернет-программалоо сабагынан өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы, фотолор (сайт);*

*Тиркеме 3.6.2. Компьютердик тармактар сабагынан өткөрүлгөн долбоорлордун сынагы, фотолор (сайт);*

**3.7 Билим берүү программасы студенттердин арыздарына (даттануууларына) жооп берүү жана кароонун иштелип чыккан жана ишке ашырылган жол-жоболорун көрсөтүүгө тийиш**

Студенттердин арыздарын кароо, жооп берүү жаатында ОшТУнун №12-бюллетени иштелип чыккан жана анда, студенттердин даттануулары каралып, аларды тескөөнүн жол-жоболору каралган. Студенттердин укугун коргоодо, психологиялык, педагогикалык колдоо көрсөтүү максатында окуу жайда атайын "Ишеним кутуча" уюштурулган. Ишеним кутучасы студенттердин колледжде окуу учурунда жана жатаканада коопсуздугун камсыздайт. Студенттердин өзү теңдүү же өзүнөн чоңдор тарабынан зордук- зомбулук, үй- бүлөлүк зордук-зомбулук көрсөтүлсө же андан башка даттанууга себептер болсо, бул тууралуу Тарбия иштери боюнча директордун орун басары жана апелляциалык комиссия иш кароо эрежелери боюнча жүзөгө ашырылат. Студенттердин даттануулары болсо, колледждин администрациясына жеке да кайрыла алат. Студенттердин укугу тебеленбөөсү үчүн университетте жана колледжде атайын ишеним кутучалары орнотулган жана ар бир кабыл алынган даттануулардын анонимдүү болуусу толук камсыз болгон.

Даттануулардын негизинде коррупциянын алдын алуу жана коррупцияны болтурбоо үчүн ректорат жана окуу башчылары тарабынан студенттер арасында ар кандай иш-чаралар, анкетирлөө жүргүзүлүп турат.

*Тиркеме 3.7.1.* *[ОшТУнун №12-бюллетени (сайт);]*

*Тиркеме 3.7.2.* *[Апеляциялык комиссиянын иш-планы;]*

*Тиркеме 3.7.3.* *[Студенттер арасында коррупциянын алдын алуу максатында жүргүзүлгөн анкетирлөө.]*

**Күчтүү жактары:**

1. Билим берүү программаларын ишке ашырууда кызыкдар тараптардын пикирлерин эске алуу менен окутуунун күтүлгөн натыйжаларын оңдоо механизми иштейт;
2. Сапатты камсыздоону ишке ашырууга, контролдоого жана кайра карап чыгууга жетекчилик, педагогикалык жамаат, иш берүүчүлөр жана студенттер тартылат;
3. Билим берүү уюму заманбап мультимедиялык жабдууларды алуу жана мугалим-устаттардын квалификациясын жогорулатуу курстарын уюштуруу аркылуу, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында окуу-методикалык ресурстарды, педагогикалык методдорду, формаларды жана технологияларды өркүндөтөт;
4. Студенттердин ар түрдүү олимпиада, конкурстарга катышуусу колго алынган жана алардын жыйынтыктары протокол, сүрөт ж.б. тастыктоолор менен киргизилди.

**Алсыз жактары:** Айлык маянанын аздыгынан жаш кадрлардын туруксуздугу.

## 4-СТАНДАРТ ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА ОКУУ-КӨМӨКЧҮ ПЕРСОНАЛ

**Орто кесиптик билим берүү уюму педагогдордун жетиштүү квалификациясын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуучу педагогигалык кадраларды тартуунун жана өнүктүрүүнүн объективдүү жана ачык-айкын жол-жоболоруна ээ болууга тийиш.**

### 4.1 Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын курамы, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана эмгек мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келет

Кафедрада бугунку кундө 33 кызматкер эмгектенет, алардын ичинен толук штаттык негизде 23 окутуучу, 10 окутуучу айкалыштырып иштегендер. Кафедрада 1 илимдин доктору, 1 профессор, 4 илимдин кандидаты, 1 доцент, 14 магистр, 2 окуу-көмөкчү персоналы эмгектенет.

Окуткан окутуучулардын квалификациясы, билими жана иш тажрыйбасы билим берүүнүн талаптарына толугу менен жооп берет. Тиркемелерде ар бир ОПКнын МББСнын жана эмгек кодексинин талаптарына тиешелүү пунктарына туура келе турган тастыктоолор тиркелген.

*Тиркеме 4.1.1.* *[Штаттык формулярдын көчүрмөсү]*.

*Тиркеме 4.1.2.* *[Окутуучулардын жана жардамчы көмөкчү курамдын билими жөнүндө дипломдун көчүрмөсү]*

**4.2 Билим берүү программасында педагогдорду тандоо, мотивациялоо жана бекитүү үчүн, ошондой эле педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын инновациялык билим берүү методдору жана технологиялары боюнча квадификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу үчүн шарттар түзүлдү**

ОшТУда окутуучуларды тандоо, ОшТУ тарабынан түзүлгөн коммисия тарабынан жүргүзүлөт. Анда тиешелүү дипломго ээ болушу, адистигинин дал келүүсү, педагогикалык стажы жана башка эмгек кодексинде көрсөтүлгөн талаптарга туура келүүсү негизги критерийлери болуп саналат. Окутуучулардын илимий изилдөө иштерин алып баруусу үчүн ОшТУ тарабынан толук шарт түзүлгөн. Ар бир окутуучу илимий багыт тандап алып анын үстүнөн иш алып барууда. Жыйынтыгында алар жазган илимий макалалар Кыргызстандын жана коңшу мамлекеттердин илимий журналдарында жарык көрүүдө. Мисалы: Арзыбаева М.А., Ташибеков Т.Ч., Оморова С.Т., Нышанова А.С., Закирова Д.А., Кульматова Н.А. жана Умурзакова Р.А. макалаларын Кыргызстандан чыккан журналдарга жана жакынкы чет өлкөлордөн чыгарып жатышат.

Окутуучулардын окуу-усулдук иштериндеги ийгиликтери, илим изилдөөдөгү жетишкендиктери жана коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн дипломдор, грамоталар менен сыйланат жана материалдык жардамдар көрсөтүлөт. Буга мисал катары, университет жана ERASMUS+ долбоорунун алкагында кафедранын окутуучулары тажрыйба алмашууга жана заманбап программаларды өздөштүрүү максатта Славения, Италия өлкөлөрүнө барып келишти.

Окутуучуларды шыктандыруу максатында “Мыкты лектор”, “Мыкты окутуучу” жана “Мыкты куратор” конкурстары уюштурулуп, жеңүүчүлөр акчалай сыйлыктар жана дипломдор менен сыйланат, кызмат ордунан жогорулайт. Ал эми илим изилдөө иштери менен активдүү алектенип жаткан окутуучу-изденүүчүлөргө ар тараптуу колдоо көрсөтүлөт, илим изилдөө иштери боюнча иш сапарларга акы төлөнүп берилип, кандидаттык жана доктордук диссертацияларды коргогон окутуучуларга материалдык стимул көрсөтүлүп келет. Өткорүлгөн конкурстарга кафедранын аспиранты Нышанова А.С. жана магистри Кульматова Н.А. катышып экөө тең биринчи орундарды жеңип алышты.

Университетте ар жыл сайын ПО курамдын билим денгээлин жогорулатуу жана окутуунун интерактивдүү усулдарды колдонууну үйрөтүү максатында семинар-тренингдерди уюштуруп турат.

ОшТУда жана колледжде окутуучулардын квалификацияларын жогорулатуунун планы иштелип чыккан. Планга ылайык кафедралардын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келет. Университет тарабынан ар бир окуу жылынын январь айында окутуучулар үчүн акысыз квалификациясын жогорулатуу максатында курстар, тренингдер жана семинарлар уюштурулуп, колледждин көпчүлүк окутуучулары курстардан өтүшүп сертификаттарга ээ болушкан. Андан сырткары сапат жана окуу-усулдук департаменти тарабынан тажрыйбалуу тренерлер “Компетенттүүлүк мамилеге негизделген окуу программаларын, дисциплинаны окуу-методикалык комплексин (силлабустарды) иштеп чыгуу” (Нурдинова К.Х.), “Жазуу жана окуу менен сынчыл ойломду өстүрүү” (Эшенова Н.А.), “Педагогика жана психология” (Закиров А.З) жана “Компьютердик сабаттуулук” (Сопуев А.С) боюнча курстар, семинар-тренингдер өткөрүлдү жана окутуучулардын катышуусу жогору болуп сертификаттарды алышты.

*Тиркеме 4.2.1.* *Жамааттык келишимдин көчүрмөсү;*

*Тиркеме 4.2.2.* *ОшТУнун “Мыкты лектор”, “Мыкты окутуучу” жана “Мыкты куратор” конкурстарын өткөрүүнүн жобосу;*

*Тиркеме: 4.2.3.* *Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуунун планы*

*Тиркеме: 4.2.4.* *Сертификаттардын көчүрмөлөрү.*

**4.3 Педагогдор окуу куралдарын, окуу китептерин жана башка методикалык иштеп чыгууларды үзгүлтүксүз чыгарат жана өркүндөтөт**

Окуу жайдын окутуучулары ББПга ылайык, 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигинин мамлекеттик стандартынын негизинде окуу-методикалык комплекстерин даярдап, колледждин усулдук кеңеши менен макулдашып бекиттиришкен. 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигине тиешелүү болгон дисциплиналардан окуу куралдары жана окуу китептерин жазуунун үстүнөн иштеп жатышат. ГТКнын Информатика, программалоо жана байланыш кафедрасынын окутуучу-профессордук курамы жыл сайын билимин өркүндөтүү максатында илимий семинарларга, курстарга. тренингдерге катышып турат. Ошондой эле студенттерге билим берүүдө, окутуунун интерактивдүү усулдарын колдонуп окутуу колго алынган. Өздөрүнө бөлүнүп берилген сабактар боюнча окуу-усулдук көргөзмөлөрдү жана колдонмолорду даярдашып, ОшТУнун окуу-усулдук кеңешинен бекиттирип, ОшТУнун басмаканасынан чыгарышып, китепкана фондуна өткөрүп беришет.

Кафедранын окутуучулары М.А. Арзыбаева, Т.Ч. Ташибеков жана Д.А. Закированын “Python тилинде программалоо” таалиминен практикалык сабактарды өтүү үчүн окуу-усулдук колдонмосу, Р.А.Умурзакова, Мукамидин кызы Н “Маалымат технологиялары жана кесипке багыттоо” таалиминен практикалык жумушту аткаруу боюнча усулдук колдонмосу 2024-жылы ОшТУнун басмаканасынан басылып чыкты.

*Тиркеме 4.3.1.* *ГТКнын УКнин мүчөлөрүн бекиткен буйруктун көчүрмөсү;*

*Тиркеме 4.3.2.* *ОшТУнун УКнин мүчөлөрүн бекиткен буйруктун көчүрмөсү;*

*Тиркеме 4.3.3.* *Окутуучулардын жарык көргөн эмгектери.*

*Тиркеме 4.3.4.* *ОшТУнун электрондук китепканасынын жана медиа борборунун китептеринин базасы ссылка;*

*Тиркеме 4.3.5.* *ОшТУнун библиотекалык фонду ссылка;*

**4.4 Билим берүү программасынын билим алуучулары тийиштүү адам ресурстары менен камсыз кылынды (кураторлор, академиялык кеңешчилер, жатаканадагы тарбиячылар)**

Жаңы окуу жылынын башталышында биринчи курска кабыл алынган тайпаларга Курулуш кафедрасы тарабынан кураторлор көрсөтүлүп, колледждин тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдашылып, колледждин директору аркылуу дайындалат. Кураторлор, студенттер менен тыгыз байланышта болуп, алардын ата-энелери менен биргеликте тарбиялык иштерин жүргүзүшөт. Кураторлор быйылкы жылдан баштап министрлик тарабынан иштелип чыккан жаңы типтеги кураторлук журналдар менен камсыздандырылды. Жаңы журналдын ичинде кураторлор аткаруучу жумуштардын бардык түрү камтылган. Анын натыйжасында тайпадагы ар бир студент жөнүндө толук маалыматтарды алсак болот. Мисалы, куратордун бир жылдык аткаруучу иш пландары,

студенттердин окуу төлөмдөрүн төлөгөндүгү жана академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтар көрсөтүлөт. Алар журналдын негизинде өз иштеринин жыйынтыгын көрсөтүп, жыл ичинде эки жолу кафедранын отурумунда отчет беришет.

Академиялык кенешчи катары ОшТУнун бирдиктүү терезеси иш алып барат. Студенттер өздөрүнө зарыл болгон маалыматтарды, маалымкаттарды, ж.б. зарыл болгон тактамаларды бирдиктүү терезеден акысыз ала алышат.

Жатаканада жашаган студенттер үчүн шарттар түзүлгөн, алардын ичинде жатакана тарбиячысы Апазов Б. студенттердин бош убактыларын өткөрүү боюнча бекитилген жылдык иш-планынын негизинде иш алып барат. Жогоруда аткарыган иш – чаралар атайын жобонун негизинде ишке ашырылат.

*Тиркеме 4.4.1.* *2023-2024-окуу жылы учун кураторлордун тарбиялык иш планы*
*Тиркеме 4.4.2.* *Өткөрүлгөн иш-чаралардын фотолору.*
*Тиркеме 4.4.3.* *Бирдиктүү терезенин ишмердүүлүгүнүн жобосу;*
*Тиркеме 4.4.5.* *Жатакана тарбиячысынын жылдык иш-планы;*
*Тиркеме 4.4.6.* *Жатаканада өткөрүлгөн иш-чаралардын фотолору.*

**4.5 Программа адистештирилген предметтерди (жеке модулдар, семинарлар, тренингдер) окутуу үчүн адистештирилген ишканалардын учурдагы жетекчилеринин ичинен толук эмес убакыттагы окутуучуларды тартууну практикалайт)**

Окутуунун сапатын жогорулатуу максатында инновациялык билим берүүдө, окутуучулар өз алдынча билимин өркүндөтүүдөн тышкары өз ара тажрыйба алмашуу иштери жүргүзүлүп турат. Кесиптик лицейде билим берүүнү жакшыртуу үчүн окутуунун инновациялык методу жана технологиялары жолго коюлган. Окутууга шарттарды түзүүдө окуу кааналарда интерактивдүү доскалар, компьютерлер жана проекторлор менен камсыз болгон. Окуу жылынын I жарым жылдыгынан кийин ИПК педагогикалык окуудан өтөт. Ал жерде тажрыйбылуу өз билимин жогорулатып келген кызматкерлер азыркы мезгилде педагогикадагы, методикадагы жана өндүрүштөгү жетишип жаткан ийгиликтери жөнүндө семинар, тренингдерди өтүшөт.

Окуу жыл ичинде адистештирилген ишканалардын өкүлдөрүн тартуу менен окутуучуларга жана студенттерге семинар-тренингдер жана конок лекциялар өтүлүп турат. Атап айтсак, 2024-жылы февраль айында Prolab жана Geektech программалоо академияларынын өкүлдөрү жана “Улут Софт” компаниясынын директору Окенов М., Алимов Р. Студенттерге стимул жана келечектин адистери болуусу үчүн атайын конок лекция өтүп беришти. О.э. окутуучулар тарабынан да башка орто билим берүү колледждерине барып конок лекция өтүп келишти. Алар Ташибеков Т.Ч., Умурзакова Р.А., Абдакимова Г.К., Токобаева Г.Ж.

*Тиркеме 4.17.* *Конок лекциялардын жана семинар тренингдердин протоколдору.*
*Тиркеме 4.18.* *Семинарлардын жана конок лекциялардын фотолору.*

**4.6 Окутулуучу дисциплиналардын профилине жана даярдоо программасына ылайык экономиканын реалдуу секторунун ишканаларында практикадан өткөн окутуучулардын жана өндүрүштүк окуу боюнча адистердин болушу шарт**

Кесиптик багыт берүүдө окутуучулардын квалификациясын жогорулатуунун график-планы түзүлүп, графиктин негизинде ОшТУнун квалификацияны жогорулатуу борборунда ГТКнын окутуучулары квалификацияларын жогорулатып турушат. Квалификацияны жогорулатуу дайыма план боюнча программа жетекчиси Машиев М. тарабынан көзөмөлдөнүп турат.

Кафедранын октуучулары Оморова С.Т., Мусаева Р.Э., Нышанова А.С., Умурзакова Р.А. 2024 жылдын 1-2 мартында Өзбекистан өлкөсүнүн Ташкент шаарындагы Мухаммад-аль-Хоразми атындагы технологиялык университетинде уюштурулган эл аралык илимий техникалык конференцияга катышуу менен тажрыйба алып келишти. Өз учурунда аталган окутуучулар алган тажрыйбаларын студенттерге сабак берүүдө колдонуп келүүдө, практикаларды өтүүдө студенттерге жакындан жардам беришүүдө.

Ал эми колледж боюнча өндүрүштүк практика жетекчиси Каримова Гулзат студенттердин окуу жана өндүрүштүк практикаларына көзөмөл жүргүзөт.

*Тиркеме 4.19.* *Окутуучулардын сертификаттары;*

*Тиркеме 4.20.* *Өндүрүштүк практика жетекчисинин иш-планы.*

**Күчтүү жактары:**

- ОшТУнун окуу бөлүмү, директор жана кафедра тарабынан окутуучулардын билим деңгээлин жогорулатуусуна мониторинг жүргүзүлөт;

- жыл сайын окуу жылдын аягында профессордук-окутуучулук курам, окуу, илим жана коомдук маданий массалык иштери боюнча аттестациядан өткөрүлөт;

- жыл сайын профессордук-окутуучулар курамынын билим денгээлин жогорулатуу жана окутуунун интерактивдүү усулдарды колдонууну үйрөтүү максатында семинар-тренингдерди, о.э. конок лекцияларды уюштуруп турат;

-окутуунун интерактивдүү усулдарын пайдалануу менен окутуучулардын сабак өтүүсү бекитилген графиктин негизинде өтүлөт жана ага мониторинг жүргүзүлөт.

**Алсыз жактары:**

- билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн, башка окуу жайлар менен тажрыйба алмашуунун начардыгы.

## 5-СТАНДАРТ МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК РЕСУРСТАР

**Кесиптик орто билим берүүчү уюм билим берүү программаларынын максаттары үчүн жетиштүү, жеткиликтүү жана тийштүү окуу ресурстарынын жана студенттерди колдоо кызматтарынын болушун камсыз кылууга тийиш**

### 5.1 Билим берүү программасы билим алуучулардын жана персоналдын ар кандай топтору үчүн жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарга ээ

Студенттер үчүн атайын электрондук жаныдан өзүнчө китепкана уюштурулган. Китепкана фондунда 22000 нуска китеп бар. Бүгүнкү күндө студенттер паспорт системасы боюнча китепканадан пайдалана алышат. Алар университеттин башкы корпусунда жайланышкандыктан окуу процессине тиешелүү болгон атайын окуу куралдары да электрондук нускада көчүрүлгөн жана пайдаланууга ыңгайланыштырылган. Электрондук китепкананын өзгөчөлүгү болуп бекер WI-FI жана библиотеканын өзүндө колдонууга мүмкүн болгон планшеттер, атайын интерактивдүү доскалар орнотулган. Бул китепканадан бир эле студенттер эмес окутуучулар жамааты да китепканадан эркин пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Китепканада жогоруда аталган планшеттер, ноутбуктар, электрондук китептер жетиштүү денгээлде. Ошондой эле студенттер кээ бир жеке предметтер боюнча

университеттин китепканасынан жана шаардык, областтык китепканалардан да пайдалана алышат.

Студенттердин окуу китептердин жана окуу куралдары менен камсыз болушу 92,2% түзөт, жана нормативдик талаптарга ылайык келет. Китепкана фондунан сырткары китепкана студенттерге жана окутуучуларга заманбап китепканан тейлөөсүнүн (электрондук китепкананын) жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат. Себеби электрондук китепкана университеттин окуу порталы UNIVER+ программасына, Youtube ж.б. керектүү электрондук ресурстарга улангандыктан студенттер үчүн китепканадан эле порталга же башка электрондук ресурстарга кирүү мүмкүнчүлүгү бар.

Адистерди мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык даярдоо үчүн окуу процессинде кыргыз, орус, англис тили, физика, химия кааналары, лаборатория, чоң актылар залы менен камсыздалган. Лекция залдары, компьютердик класстары колдонулат.

Окутуунун болжонгон натыйжаларына жетүү максатында студенттерди моралдык шыктандыруу жана психологиялык колдоо көрсөтүү системасы калыптанган. Бул система колледждин ПОК (педагогикалык окутуучулар курамы) жана ОКК (окумуштуулар кенешинин курамы) ресурстары менен камсыздалат. Ал төмөнкү элементтерди камтыйт.

Коллледждин жогорку жетекчилиги болуп:

- ОПК курамы;
- колледждин жетекчилиги директору жана орун басарлары;
- ар бир тайпанын кураторлору ОПК курамы академиялык тайпа үчүн бекитилген жооптуу.
- колледждин коомдук уюмдары, аялдар кенеши, студ.сенат, ата-энелер комитети, бүтүрүүчүлөр ассосиациясы ж.б.

Ал эми колледжде мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн шарттарды түзүү кийинки стратегиялык пландарга коюу маселелери каралган.

*Тиркеме 5.1.1. Кафедрада окутулуучу предметтер боюнча адабияттардын тизмеси;*
*Тиркеме 5.1.2. Электрондук китептердин тизмеси;*

## 5.2 Окуу жайлары билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук талаптарына (санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелерге жана ченемдерге, өрт коопсуздугунун эрежелерине, эмгекти коргоонун жана коопсуздук техникасынын эрежелерине шайкеш келет

Окуу корпусунун кире бериш жеринде өрткө каршы щит (пожарный щит) бар. Өрт өчүрүүдө колдоно турган кум, (огнетушитель), баардык шаймандары менен орнотулган. Колледждин ичинде ар бир квартал сайын өрткө каршы инструктаж өткөрүлөт жана ӨКМ менен биргеликте окуучулар менен өрткө каршы машыгуулар өтүп турат. Ар бир кабинетте, лабораторияларда тиешелүү инструктаждар, инвентардык китепчелер илинген, техникалык коопсуздук боюнча эскертмелер бар.

Колледждин окуу процессине тиешелүү болгон бардык аудиториялары Ош шаарынын Санитардык эпидемиялогиялык көзөмөл борбору тарабынан жыл сайын текшерилип, “АКТ санитарно-эпидемиологического обследования” 2018-жылдын ноябрында берилген. Профессордук-окутуучулук жана жардамчы-көмөкчү курамдар жыл сайын медициналык кароодон өтүп турушат.

Университетте КРнын 07.06.1996-ж №22 “Өрт коопсуздугу боюнча” мыйзамынын негизинде бардык талаптар аткарылып, Ош шаардык өрткө каршы мамлекеттик кызмат башкармасы 02.06.2018-жылы №17 “Өрт коопсуздугунун эрежелерине жооп берүү боюнча” корутунду берген.

Жогоруда аталган эмгекти коргоонун жана коопсуздук техникасынын эрежелерин камтыган атайын журналдар кафедрага тиешелүү болгон аудиторияларга илинген жана ал жоболор менен студенттер да таанышууга мүмкүнчүлүк ала алышат.

*Тиркеме 5.2.1. Санэпидстанциядан уруксаат көчүрмөсү;*
*Тиркеме 5.2.2. Өрт коопсуздугунан уруксаат көчүрмөсү;*
*Тиркеме 5.2.3. Профессордук-окутуучуук жана жардамчы-көмөкчү курамдардын медициналык китепчеси;*
*Тиркеме 5.2.4. Техникалык коопсуздук боюнча журнал;*

**5.3 Окуу китептери, окуу куралдары жана окуу-методикалык материалдар, анын ичинде электрондук окуу китептери, окуу куралдары жана окуу-методикалык материалдар билим берүү программасынын мазмунуна шайкен келет**

Колледжде окуу процессин толук ишке ашыруу учун аудиториялар талаптарга жооп берет. Окуу класстары электрондук доскалар, компьютерлер, проекторлор менен жабдылган. Негизинен окуу процессин толук кандуу жүргүзүү үчүн окуу куралдары жана окуу усулдук материалдар алынган, иштелип чыккан жана алар программанын мазмунуна дал келет. Окуу-усулдук комплексинин материалдары басма түрүндө гана болбостон, алардын электрондук варианттары ОшТУнун Univer+ билим берүү порталына киргизилген. Студенттер Univer+ билим берүү порталы аркылуу адистигине туура келген электрондук окуу китептери жана окутуучулар тарабынан жүктөлгөн лекциялык жана практикалык материалдар менен жакындан тааныша алышат.

Универ программасын ОшТУга киргизүүсүнүн натыйжасында окуу процессин уюштурууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуу мүмкүнчүлүктөрү пайда болду. Интерактивдүү сабак өтүү ыкмалар, видеоконференциялар, чаттар, форумдар, on-line, off-line режимдеринде консультацияларды берүү (өзгөчө АО системасында). 2020-2023-жылдар аралыгында ОшТУнун жана колледждин профессордук-окутуучу курамы тарабынан 460тан ашык даана окуу усулдук көрсөтмөлөр жана колдонмолор университеттин басмаканасынан чыгарылып, китепканага тапшырылып, студенттер алардан кеңири колдонушууда.

Китепкананын фондун түзүүнүн маанилүү милдети болуп пайдалануучулардын суроо-талабын толук канааттандыруу эсептелинген. Китепкананын курамында - окуу адабияттары 41%, илимий – 39,8%, көркөм – 9,1%, башкалары 0,2% болот. Техникалык адабияттар – 49,1%, табихый-илимий тематикада – 19%, гуманитардык адабияттар – 20%, экономикалык адабият – 9,6%. Тилдер боюнча – кыргыз тилинде – 12%, орус тилинде – 82%, чет тилдеринде – 1%. 2012-2015-жылдар аралыгында университеттин китеп фондуна 6804 экземпляр китеп сатылып алынган.

2012-жылдан баштап, университетте Ош шаардык китепкананын филиалы жайланышып, иштеп келе жатат, анын китеп фонду - 22598 экземплярды түзөт. Бул китепкананын ОшТУда орун алынышы окутуучуларга жана студенттерге жакшы болгон

*Тиркеме 5.3.1. Универ порталын визуалдык көрсөтүү;*
*Тиркеме 5.3.2. Электрондук китепкананы визуалдык көрсөтүү;*
*Тиркеме 5.3.3. Окуу-усулдук колдонмолордун мазмунун визуалдык көрсөтүү;*

**5.4 Заманбап жабдуулардын, компьютерлердин, лабораториялардын, адистештирилген практикалык базалардын, окуу-өндүрүштүк цехтердин, полигондордун, квалификациялык борборлордун, электрондук ресурстардын болушу**

ГТК ОшТУнун базасында болгондуктан, жогорку кесиптик билим берүү программаларынын окуу кааналарын биргеликте колдонушат.

Колледжде окуу процессин камсыздоо үчүн керектүү болгон материалдык-техникалык база жетишерлик санда бар жана алар заманбап материалдык-техникалык жабдыктар менен жабдылган.

М.Адышев атындагы ОшТУнун окуу процессине пайдалануу аянты 29205 м2, болгон 3 окуу корпусу бар. Аттестацияланып жаткан орто кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн корпустардын барынын аянттары пайдаланылат. Ар бир кафедрага аудиториялык фонд бөлүнүп берилген, алар негизинен: лекциялык, лабораториялар жана практикалык сабактар үчүн окуу аянттары.

Акыркы 5 жылда университеттин факультеттеринде 144 төн ашык лаборатория жана окуу кабинеттери жасалып, компьютердик класстар шаймандар менен камсыздалып, интернетке байланышуучу локалдык түйүн түзүлгөн.

ОшТУнун бардык корпустарында 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) адистигинде окуган студенттердин жалпы саны 239 студентти түзөт. Кафедрага караган аудиториялардын жалпы аянты 384,5 м/кв түзөт.

*Тиркеме 5.4.1. ОшТУнун имараттарын, курулмаларын жана жалпы аянтын тастыктоочу документтердин көчүрмөсү;*

*Тиркеме 5.4.2. Заманбап жабдуулардын, компьютерлердин, лабораториялардын, адистештирилген практикалык базалардын, окуу-өндүрүштүк цехтердин, полигондордун, квалификациялык борборлордун, электрондук ресурстардын тастыктоочу документтердин көчүрмөсү;*

**5.5 Билим берүү программасы студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн тиешелүү шарттарды камсыз кылууга тийиш**

Окуу программасы боюнча студенттердин өз алдынча иштөөсүнө талаптагыдай мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Жыл өткөн сайын университетибиздин өнүгүүсү артууда десек жаңылышпайбыз.

ОшТУнун китепканасынын имаратынын 2014-жылы курулуш иштери башталып, 2015-жылдын ноябрь айында толугу менен аяктап, китепкананын ачылышы болгон жана ошол эле жылы ишке киргизилген. Ушул күнгө чейин китепкана университеттин башкы корпусунун төртүнчү этажында жайгашкан болчу. Жаңыдан ачылган китепкананын жалпы аянты 1502 метр квадраты түзүп, анда эки окуу залы иштейт: биринчи студенттердин окуу залы болуп, 150 орунду түзөт, ал эми экинчиси илимий окуу залы болуп, 80 орундан турат. Ошондой эле жаңыдан ачылган китепканада усулдук кабинет да орун алып, анда 65 орунга ылайыкташтырылган. Мындан башка да жаңы ачылган китепканада семинар, конференция, тренингдерди өткөрүүчү кааналар жайгашып, окутуучулар жана студенттер үчүн мүмкүн болгон бардык шарттар түзүлүп, азыркы замандын талаптарына ылайык заманбап жабдыктар, эмеректер жана китептер менен жабдылган. Окуу залында бардык шарттар түзүлгөн, тактап айтканда, Wi-Fi аркылуу иштөөчү интернет орнотулган. Окуу залы планшеттер, ноутбуктар менен камсыздалган жана студенттер үчүн жеткиликтүү.

Жогоруда белгилегендей колледждин студенттери ОшТУнун китепканаларынан толук кандуу пайдалана алышат. Анткени аларга керектүү китептердин баарын табууга шарттар бар. Бул түзүлгөн шарттар студенттердин өз алдынча иштөөсүн камсыз кыла алат.

*Тиркеме 5.5.1. ОшТУнун жана ГТКнын имараттарындагы окуу залдарын визуалдык көрүү;*

**Күчтүү жактары:**

- Окуу жайда ар түрдүү иш чараларды өткөрүү үчүн азыркы мезгилдин талабына ылайык келе турган мультимедиалык каражаттар менен камсыздалган;

- Окуу китептери, окуу куралдары жана окуу-методикалык материалдар, анын ичинде электрондук окуу китептери, окуу куралдары жана окуу-методикалык материалдар аккредитацияланып жаткан билим берүү программасынын мазмунуна шайкеш келет.

**Алсыз жактары:**
- Студенттерди билим алууга кызыктыруу жана адистикке ээ болуусуна түрткү берүү максатында социалдык педагог-психологдордун жоктугу.

## 6-СТАНДАРТ МААЛЫМАТ ЖАНА КООМЧУЛУККА ЖЕТКИРҮҮ

**Билим берүү программаларын натыйжалуу башкаруу үчүн маалыматты чогултууну, талдоону жана кодонууну камсыздоочу санариптик технологиялардын болуусу. Билим берүү программалары туурасында маалыматты коомго жеткирүү ишмердүүлүгү объективдүү, актуалдуу жана ишенимдүү болууга тийиш, ал коомчулук үчүн так маалыматты камсыз кылууга багытталган.**

### 6.1 Билим берүү уюмунда маалыматты чогултуу жана талдоо үчүн бирдиктүү маалыматтык тутумдун болушу, анын натыйжалуулугу, ББПны башкарууда маалыматтык (санариптик) технологияларды ишке киргизүү

"Санариптик Кыргызстан 2019-2023" концепциясынын алкагында өлкөнүн бардык ЖОЖдорунда студенттердин окуу процессин автоматташтыруу боюнча түрдүү системалар активдүү ишке ашырылууда.

Ош технологиялык университети өзүнүн «UNIVER+» маалыматтык системасын (ИС) иштеп чыгып, ишке киргизди. UNIVER+ программалык комплекси жогорку жана орто атайын окуу жайларында окуу процессин башкарууну жана уюштурууну автоматташтыруу жана маалыматты чогултуу жана талдоо үчүн иштелип чыккан. Аны ишке ашыруу заманбап билим берүү мекемесинин алдында турган көйгөйлөрдү чечүүгө комплекстүү мамиле жасоого мүмкүндүк берет.


UNIVER+ маалыматтык системасы окутуучулар, студенттер үчүн аябай ыңгайлуу түзүлгөн. Бул система аркылуу студенттер өздөрүнүн бааларын, окуу төлөмдөрүн жана керектүү материалдарды алууга болот. Ал эми окутуучулар жылдык окуу жүктөмүнүн негизинде электрондук маалыматтарды киргизүү менен студенттерди баалосуна да мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Мисалы тестирлөө, баа коюу жана жоктоо.

Билим берүү уюму сапатты камсыздоонун ички тутумун жакшыртуу максатында жогорку жана орто кесиптик билим берүү, ББ программаларына жана стандарттарына тиешелүү деңгээлдеги адистерди окутуу, даярдоо, кайра даярдоо ошондой эле окуучулардын билимин тереңдетүүгө болгон муктаждыктарын канаатандыруу болуп саналат. ББнүн сапатын жакшыртууда жетекчилик сапат саясаты менен ички көзөмөл жүргүзүүнүн негизинде адекваттуу маалыматты системалуу түрдө колдонот.

*Тиркеме 6.1.1. UNIVER+ маалыматтык системасын визуалдык көрсөтүү;*
*Тиркеме 6.1.2. UNIVER+ маалыматтык системасынын иштөөсү боюнча маалыматтар;*

### 6.2 Студенттердин жана билим берүү уюмунун кызматкерлеринин билим берүү процессин уюштуруу жөнүндө маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгүнүн болушу жана даражасы, маалыматты чогултууга жана талдоо жүргүзүүгө алардын катышуусунун даражасы

Студенттердин жана билим берүү уюмунун кызматкерлеринин билим берүү процессин уюштурууда UNIVER+ маалыматтык системасы ыңгайлуу түзүлгөн. Ар бир окутуучуга, студентке системага кирүү үчүн жеке логин жана пароль берилет. Ар бир колдонуучу өзү каалаган убакытта  жана ар кандай убакытта системага кирүүгө мүмкүнчүлүк бар. Ошондой эле сессия убагында заман талабына ылайык ар бир окутуучу өз предметтери боюнча студенттерди экзамендин графигине жана студенттин мүмкүнчүлүгүнө карап баалоого укуктуу. Себеби ар бир сессияда окуу төлөмүнө жараша системага мүмкүнчүлүк берилет б.а. кышкы жана жайкы сессияда 50% окуу төлөмүн төлөгөн студентке автоматтык түрдө мүмкүнчүлүк берилет. Анын негизинде студенттер өз убагында экзамен, зачетторун тапшырууга мүмкүнчүлүк ала алышат. Ал эми окутуучулар системага электрондук маалыматтарын жүктөө менен студенттерге аралыктан тапшырмаларды берип, кайтарым байланыштарды электрондук түрдө алууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн.




*Тиркеме 6.2.1. [Студенттерди баалоонун ведомосттору (сайт, портал)]*

**6.3 Билим берүү уюмунун расмий сайтын эффективдүү пайдалануу, веб-сайтта жана жалпыга маалымдоо каражаттарында билим берүү маалыматты, анын ичинде ишке орношуу жана бүтүрүүчүлөрдүн суроо-талабы жөнүндө объективдүү маалыматтарды жарыялоо**

Билим берүү уюму коомчулукка маалымат берүүдө өзүнүн сайты жана массалык маалымат каражаттары пайдаланылат: ОшТУнун веб-сайты, “Жаштык” теле берүүсү, жылына 2 жолу чыгуучу “Универсал” газетасы, андан башка “Ынтымак”, “ОшТВ”, “Ош Пирим” теле берүүлөрү аркылуу маалымдоо каражаттарын пайдаланат. Мындан башка

“Бош орундар” жарманкеси, буклеттер, шаардын көчөлөрүндө илинген жарманкелер аркылуу таанылат.

Билим берүү уюму ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары жана берилүүчү квалификациялар боюнча туура жана сапаттуу маалыматты дайыма өз убагында түзүлгөн сайт аркылуу жарыялап турат. Окуу жайда ишке ашырылып жаткан программа жана аны аткаруунун күтүлгөн натыйжалары, берилүүчү квалификациялар, окутуунун деңгээли, окутуунун жана баалоонун жол-жоболору, ишке орношуу жана бүтүрүүчүлөрдүн суроо- талабы жөнүндө объективдүү маалыматтарды жана окуучулардын окуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө ата-энелерге, жумуш берүүчүлөргө, окуучуларга маалымдалып турат.

Билим берүү уюмунун түзүлгөн сайтында окуу жайда жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө обьективдүү, так, туура, жеткиликтүү жана такай жарыяланып турат.

*Тиркеме 6.3.1. ОшТУнун веб-сайты;*

**6.4 Кызыкдар тараптар (студенттер, окутуучулар, иш берүүчүлөр, тиешелүү министрликтер жана ведомстволор(негизги иг менен камсыз кылуу боюнча өнөктөштөр) анын ичинде билим берүү уюмунун веб-сайтында) менен кайтарым байланыш механизминин болушу жана жеткиликтүүлүгү**

Билим берүү уюму билим берүү программасын камсыз кылууда жетекчилик, атайын предмет окутуучулары, иш берүүчүлөр жана кызыктар тараптар менен биргеликте эмгек рыногуна жараша план программаларын карап чыгышат, б.а. кайтарым байланыш жылына бир жолу биргеликте талкуулоо механизми аркылуу ишке ашат. Эгерде программада кемчиликтер жана өзгөртүүлөр зарыл болсо эки тараптуу макулдашуу менен оңдолот жана оңдолгон программаны бекитүү жетекчилике сунушталат.

ОшТУнун сайтында окутуучуларга жана кызыкдар тараптар үчүн жетекчиликтин дипломатиялык жолугушуулары, илимий ишмердүүлүк жана студенттер үчүн бош орундар жарманкесинин жарыялары туурасында жарыялар жүктөлүп турат.

*Тиркеме 6.4.1. Кызыктар тараптар менен өтүлгөн жолугушуулардын протоколдору, фотолору;*

**6.5 Билим берүү программаларын аяктаган бүтүрүүчүлөрдүн ишинин натыйжалуулугу жана сапаты жөнүндө иш берүүчүлөрдүн, анын ичинде ири уюмдардын өкүлдөрүнүн маалыматтарын камтыган документтердин болушу**

Иш берүүчүлөр, билим берүү программасынын натыйжалуулугуна, студенттер практикада жүргөн учурда мониторинг жүргүзө алат, ал эми бүтүрүүчүлөрдүн ишинин натыйжалуулугу жана сапаты жөнүндө алар ишке орношуп, иштеп жаткан учурда айта алышат жана алар ОшТУнун карьера борбору, кафедра менен болгон жолугушууларда өздөрүнүн ой-пикирлерин, сунуштарын беришет. Бул жолугушуулар протоколдоштурулуп, фото сүрөттөр менен тастыкталып, эки тараптуу колдор коюлгандан кийин документтештирилет жана жетекчилик менен талкууланат. Жыйынтыгында эки тараптуу келишимдер түзүлүп студенттерге практика өтөө үчүн ишканаларга баруусуна мүмкүнчүлүк түзүлөт.

*Тиркеме 6.5.1. Иш берүүчүлөр менен өтүлгөн жолугушуулардын протоколдору, фотолору;*

*Тиркеме 6.5.2. Келишимдердин көчүрмөлөрү*

**Күчтүү жактары:**

- Билим берүү уюмунда маалыматты чогултуу жана талдоо үчүн бирдиктүү маалыматтык тутуму майнаптуу иштеп келет;
- Окуу жай боюнча малыматтарды топтоо инструменттеринин тартиптүү тизмеги бар, ал маалыматтык (санариптик) технологиялардын жардамында ишке киргизилүүдө;
- Коомчулукка маалымат берүү сайтта байма-бай жайгаштырылып тургандыгы.

**Алсыз жактары:** Сайттар менен иштөөдө алыскы татаал шарттуу аймактардагы ата-энелердин жана студенттердин түшүнүгү аздыгы (интернет булактарынын начардыгы).

## ТЫЯНАК

Аккредитацияланып жаткан Информатика, программалоо жана байланыш кафедрасынын 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) орто кесиптик билим берүү программалары боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

1. Программалардын ишмердүүлүгү, сапатты камсыздоо саясаты КРнын ББИМнин мыйзамдарына, адистиктердин мамлекеттик стандарттарына жана ОшТУнун Уставына туура келет.
2. ОшТУнун миссиясынын, колледждин, кафедранын стратегиялык жана учурдагы пландарынын негизинде сапат менеджментинин тутуму аккредитация талаптарына ылайык иштейт.
3. Аталган адистиктердин ОКББ программаларынын НББПсы, МББСнын, ОшТУнун бюллетенининин, жалпы жоболордун негизинде кызыктар тараптардын сунуш-талаптарына ылайык иштелип чыккан.
4. Реализацияланып жаткан НББП, бардык талаптарга жогорку деңгээлде жооп берет, жыл сайын каралат, байкоо жүргүзүлөт жана баа берилет.
5. Мониторинг жана мезгили менен баалоо негизинен атайын жооптуу адамдар тарабынан мезгил-мезгили менен атайын иштелип чыккан бланкалык анкеталар аркылуу жүргүзүлүп турат.
6. Электрондук китепкананын, сайттын (oshtu.kg), Универ+ ИСнын мүмкүнчүлүктөрү, атуулдук, президенттик стипендия, турмуш шарты, материалдык абалы начар, жаратылыш кырсыктарынан жабыр тарткан студенттерге инсанга багытталган окутуудагы окутуунун сапатын жогорулатууга ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.
7. Информатика, программалоо жана байланыш кафедрасынын ПО курамы, реализацияланып жаткан НББПнын, учурдагы билим берүү процессинин талаптарына, ОшТУнун Уставына, Жоболоруна жана КР эмгек кодексинин мыйзамдарына жооп берет.
8. Окутуучулардын өзүнүн үстүнөн иштөө, квалификациясын жогорулатуу, кесиптик жактан өнүгүү, инновациялык тажрыйба алмашуу, ошондой эле өздөрүнө профсоюздук жеңилдиктерди алуу, түрдүү социалдык маселелерди чечүү мүмкүнчүлүктөрү каралган.
9. ОКББнын НББПсын реализациялоо үчүн орто кесиптик билим берүүнүн студенттерине сабактар II сменага коюлгандыктан, материалдык-техникалык база жеткиликтүү. Окуу аянттары, коопсуздук эрежелери талапка ылайык каралган. Ал эми жатаканада жашоо, эс алуу шарттары, профилактория кызматтары жогорку деңгээлде уюштурулган.
10. Окуу залдар, китепканалар талапка ылайык заманбап каражаттар менен камсыздалган.
11. Студенттер ОшТУнун интернетке, тармакка бекер чыгуу мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланып ачык ББ ресурстарын, өзүбүздөгү мыкты окуулуктар, мыкты лектор, мыкты окутуучулардын ОМК, силлабус жана кээ бир сабактардын иштелмелерин окуу процессин толук ишке ашыруу максатында кенен колдонушат.
12. UNIVER+ ИСнын жардамында студенттердин контингенти, катышуусу, жетишүүсү, жетишкендиктери жана алардын ата-энелеринин билим берүү программаларын ишке ашырууга жана анын натыйжаларына канааттангандыгы жөнүндө маалыматтар, материалдык жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгү, жалпы эле ОшТУнун ишмердүүлүгүнүн майнаптуулугу камсыздалган.
13. Кабыл алуу комиссиясы, кадрлар бөлүмү, директорат, окутуучулар жана студенттер маалыматтарды чогултуу жана башкарууда түздөн-түз катышат, ал

эми ОшТУнун өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндөгү маалыматтарды oshtu.kg сайтынын, СТУДтаймс гезитинин, Жаштык телестудиясынын жана ММКнын жардамында ар дайым туруктуу берип турат.

Академик М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетиндеги аккредитацияланууучу Информатика, программалоо жана байланыш кафедрасынын 220206 - МИЧАСжБ (тармактар боюнча) орто кесиптик билим берүү программалары жогоруда белгиленген күчтүү жана алсыз жактарын эске алганда, Кыргыз Республикасындагы улуттук аккредитациялык стандарттарынын критерийлерине жана талаптарына туура келет.